**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү.**

**Ош областынын Ноокат районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча**

# Жалпылоо отчету

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планы жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн 2025-жылдын 24-февралындагы №02-3/26 буйругу.

**Аудиттин максаты:** бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө шайкештик аудит жүргүзүү.

**Аудит мезгили:** 2024- жылдын 1-январынан 2024-жылдын 31-декабрына чейин.

**Аудиттин түрү:** Шайкештик аудити.

**Аудит объектилери:** Ноокат райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ноокат финансы башкармалыгы, Ноокат райондук өнүктүрүү фонду, Ноокат шаар мэриясы, Ноокат шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти, “Ноокат Тазалык”, “Ноокат мэрия сууканал”, жана “Ноокат жылуулук” муниципалдык ишканалары, Көк-Жар, Төөлөс, Т.Кулатов, Т.Зулпуев, А.Мирмахмудов, Кыргыз-Ата, Жаңы-Ноокат, Бел, Кара-Таш, Көк-Бел, Гулистан, Н.Исанов, Кеңеш айыл өкмөттөрү жана айыл өкмөттөрүнө караштуу муниципалдык ишканалары.

## Аудитордун милдети:

Аудитордун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) 2024-жылдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ноокат финансы башкармалыгынын жана чарбалык ишканалардын ишинин шайкеш келүүсүнө карата өз алдынча корутундуга келүүсүндө турат.

## Жетекчиликтин жоопкерчилиги:

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык жергиликтүү мамлекеттик администрация болуп, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясы, ал эми райондогу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы болуп айыл өкмөттөрү эсептелет. Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерине мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча ыйгарылган бардык маселелерди аткаруу кирет, Кыргыз Республикасынын башка органдарынын компетенциясына карата Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен киргизилген ыйгарым укуктардан сырткары.

Аудит жүргүзүлгөн аралыкта Ноокат районунун бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, социалдык-экономикасынын өнүгүүсүнө жооптуулар:

- Ноокат районунун жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими Чакибаев Эмиль Акжолтоевич;

- КРнын Финансы министрлигинин Ноокат финансы башкармалыгынын жетекчиси Акмаматов Суйунали Абдисаматович, аудиттин бардык мезгил аралыгында иштеген.

**Аудит предмети:**

Аудиттин предмети болуп, муниципалдык каражаттарды жана мүлктү башкаруу жаатында бюджеттик мыйзамдын талаптарына ылайык, жергиликтүү бюджетти аткаруу боюнча Ноокат райондук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин баалоо эсептелет.

Аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

- Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процессин жөнгө салуучу ченемдик документтердин жана мыйзам ченемдеринин сакталышына жана аткарылышына аудит;
- Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин ишмердүүлүгүн талдоо, киреше жана чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык карызынын абалына жана тейленишине аудит;
- Муниципалдык бюджеттик мекемелердин чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит;
- Муниципалдык ишканалардын бюджетинин аткарылышына аудит;
- Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча ишти талдоо.

**Аудиттин критерийлери:**

Критерий катары, Ноокат районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын муниципалдык ишканаларынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ноокат башкармалыгынын жана анын ведомстволук бюджеттик мекемелеринин, муниципалдык ишканаларынын ишинин Кыргыз Республикасынын Бюджеттик, Салык кодекстерине жана "Салык эмес кирешелер" Кодексине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамына, Жергиликтүү Кеңештердин токтомдоруна жана 2024-жылда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын жана башка ченемдик-укуктук актыларына туура келишин баалоо деп эсептейбиз.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 токтому менен бекитилген, Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган), шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык иш жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүүсү:**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптарды сактоону, ошондой эле аудиттин предмети, анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келээрине негиздүү ишенимди алуу үчүн пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо:**

Аудит тарабынан Ноокат райондук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ноокат финансы башкармалыгынын жана муниципалдык ишканаларынын ишине тиешелүү жергиликтүү бюджетти аткаруу, кирешелер жана чыгымдар сметасы жана Кыргыз

Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча маселелер изилденди.

Аудит өзүнө, бюджеттик, бюджеттен сырткары жана атайын каражаттардын чыгымдары ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлгөндүгү боюнча жетиштүү жана талаптагыдай тастыкталган далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Ушул отчетто жазылган жетиштүү жана талаптагыдай тастыкталган далилдерди алуу үчүн негизди камсыздоо үчүн, чогултулган аудитордук далилдер жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептейт.

Аудитке тийешелүү болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ноокат финансы башкармалыгынын жана муниципалдык ишканаларын тандоо, аудитти пландоо, олуттуулук факторлорун аныктоо, 2024-жылдагы чыгымдар көлөмүнүн олуттуулугуна жана иштин мүнөзүнө жараша жүргүзүлгөн *(материалдар ар бир аудит объектиси боюнча өзүнчө түзүлгөн).*

Ош областынын Ноокат районунун бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн жетекчисинин буйруктарына ылайык аудитордук топтун жетекчиси мамлекеттик инспектор Рахманов К. Э., мамлекеттик инспекторлор Караев Э.Ы, Жумабаев А. Т., Матякубов А., Ажиматов К., Зулпиев Т., Абдыкааров А.,Исматиллаев А., Токоев А.,Зулуев Т.,Дадабаев Н., Маманов М., Исаков К., Батаева Г. тарабынан Ноокат районунун жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Чакибаев Эмиль Акжолтоевич маалыматында, КРнын Финансы министрлигинин Ноокат финансы башкармалыгынын жетекчиси Акмаматов Сүйүнали Абдисаматовичтин катышуусунда жүргүзүлдү.

**Мындан мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктардын аткарылышы.**

Ноокат районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө карата мурдагы аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн жетекчисинин буйругуна ылайык аудиттик топ тарабынан жүргүзүлгөн. Жыйынтыгы боюнча жалпы **122514,9 миң сомдук** каржы бузуулар аныкталган, анын ичинен ордуна коюлууга тийиш болгон каржы бузуулар **116331,7 миң сом.** Коллегия отурумуна чейин **103448,7 миң сом** калыбына келтирилген, андан: бюджетке 1147,5 миң сом, мекемелерге 102301,2 миң сом**,** ордуна коюлбаган калдык сумма **12883,0 миң сомду** түзгөн**.**

Аудиттин жыйынтыгы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн коллегиялык отурумунда каралып, коллегиянын чечими менен Ноокат районунун жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимге, финансы министрлигинин Ноокат финансы башкармалыгынын жетекчисине, айылдык аймактардын башчыларына, жергиликтүү кенештердин төрагаларына кетирилген кемчилдиктерди жоюу жана каржы бузууларды калыбына келтирүү боюнча жазма буйруктар жана сунуштамалар жөнөтүлгөн.

Жазма буйруктардын негизинде **5302,4** миң сом калыбына келтирилген, бирок азыркы мезгилге чейин **7580,6** миң сомдук каржы бузуулар калыбына келтирилбегендиги такталды, андан 6408,5 миң сомдук каржы бузууларга укуктук баа

берүү үчүн аудиттин материалды укук коргоо органына өткөрүлүп берилген, ал эми **1172,1 миң сом** калыбына келтирилбеген, андан:

- Зулпиев айыл өкмөтү боюнча курулуш иштери боюнча кошуп жазуулар **999,5 миң сом;**

- Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинде курулуш иштери боюнча кошуп жазуулар **147,6 миң сом;**

- А.Мирмахмудов айыл өкмөтүндө эмгек акы боюнча **25,0 миң сом.**

Кыргыз-Ата айыл өкмөтүндө курулуш-куроо иштериндеги **2052,2 миң сомдук** кошуп жазуулар жана Көк-Жар айыл өкмөтүндө **4356,3 миң сомдук** кошуп жазуулар *(укуктук баа берүү үчүн аудиттин материалдары 25.12.2024-жылдагы №01-14/315 каттын негизинде Ош областынын прокуратурасына жиберилген).*

**Ош облусунун Ноокат району боюнча кыскача маалымат.**

Ноокат районунун аймагында 1 шаар жана 13 айылдык аймак орун алган. Райондун аймагында 47 бюджеттик мекеме бар, анын ичинен: республикалык бюджеттен каржыланган 33 мекеме, жергиликтүү бюджеттен каржыланган 14 мекеме.

**2024-жылдын 1-январына** карата Ноокат району боюнча калктын саны 327906 адамды түзөт. Кожолуктун саны 50842.

**Аткаруучу жана аткаруу-тескөөчү органдар тарабынан кабыл алынган чечимдердин жана ченемдик-укуктук актылардын тууралыгына жана мыйзамдуулугуна аудит.**

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 11-июлундагы №96 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө”, 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамдарына жана башка колдонуудагы мыйзам нормаларына ылайык 2024-жылы Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы тарабынан 331 буйрук жана 121 токтом кабыл алынып, аткаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана райондук тийиштүү мекеме-уюмдарга жиберилген.

**Экономикалык көрсөткүчтөр.**

Айыл чарбасынын өсүү темпи боюнча мал чарбачылыгы 2023-жылы 5 млн. 841 миң 347 сом өндүрүлгөн болсо, 2024-жылдын жыйынтыгы менен 5 млн. 969 миң 956 сом өндүрүлүп, 102,2 % түзгөн.

Ал эми талаачылык боюнча 2023-жылы 6 млн. 751 миң 801 сомду түзсө, 2024-жылы 7 млн. 381 миң 527 сом өндүрүлүп, 109,3% түзгөн.

Бардыгы болуп райондо айыл чарбасынын өсүү темпи 2023-жылы 12 млн. 851 миң 828 сом болсо, 2024-жылы 13 млн. 621 миң 149 сомду түзүп, 106,0% түзгөн.

Райондо өндүрүлгөн продукцияларынын көлөмү 2024-жылдын 12 айында жалпысы 5 млрд. 046 млн. 277,2 миң (2023-жылдын 12 айында жалпысы 5 млрд. 017 млн. 962,4 миң сом) сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, 2023-жылдын 12 айына салыштырмалуу 28 млн. 314,8 миң сомдук продукция көп өндүрүлүп, өсүү темпи 100,5 % түзгөн.

Ал эми өнөр жай продукцияларынын өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси (ФКИ) 106,4 % түзгөн.

2024-жылдын 12 айында райондук сататистика бөлүмүнө өнөр жай, кызмат көрсөтүү, айыл чарба жана соода тармагы боюнча жаңыдан ачылып, расмий 71 ишкана каттоого турган.

Анын ичинен кызмат көрсөтүү багытында 22 ишкана, айыл чарба тармагы 7 ишкана, соода тармагы боюнча 2, өнөр жай багытында 40 ишканалары ишке

киргизилип, жаңы жумушчу орду менен 342 адам камсыз болуп, жалпысы 425 млн. сомдук инвестиция тартылган.

## Бюджеттин түзүмүнүн түзүлүшүнүн натыйжалуулугуна анализ.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан сунуш кылынган көрсөткүчтөрдүн чегинде, Ноокат районундагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын **2024-жылга карата** жергиликтүү бюджеттеринин жылдык өлчөмү жалпысынан 624986,8 миң сомго бекитилген. Жергиликтүү бюджеттеринин жалпы киреше бөлүгүнүн түзүлүшү негизги төрт бөлүктөн түзүлгөн: салыктык кирешелер, официалдык трансферттер, салыктык эмес кирешелер жана активдер.

а) Салыктык кирешелер (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 62,3 % түзөт) өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- Кыргыз Республикасынын резиденттери-жеке жактардан алынуучу киреше салыгы, жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 100% чегерилүүсү каралган;
- юридикалык жактардын чакан ишкердик субьекттери үчүн бирдиктүү салыгы, жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 0 % чегерилүүсү каралган;
- менчик салыгы (мүлк салыгы жана жер салыгы), жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 100 % чегерилүүсү каралган;

б) Мамлекеттик башкаруу секторунун трансферттери (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 15,5% түзөт) өзүнө республикалык бюджеттен берилүүчү теңдештирүүчү гранттарды камтыйт.

в) Салыктык эмес кирешелер (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 22,2% түзөт) өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- айыл чарба эмес багыттагы жерлердин ижарасы үчүн акы дайындоо, мамлекеттик айыл-чарба фондунун жерлеринин ижара акысы, айыл четиндеги жайыттардын ижара акы жана муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижара акысы, жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 100 % өлчөмүндө каралган;
- атайын каражаттар (ыктыярдуу ата-энелердин төлөмү, спонсордук жардам жана КРнын Өкмөтүнүн токтомуна ылайык мектепке чейинки мекемелерге материалдык техникалык базасын чыңдоо үчүн алынуучу акы) атайын эсепке 100,0% кириштелет;
- жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн акы 100% өлчөмдү ээлейт.
- г) Активдер (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 0,0% түзөт) өзүнө финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелерди камтыйт.

## Бюджеттин киреше жана чыгашаларынын жазылышынын, алардын өзгөрүшүнүн тууралыгына жана мыйзамдуулугуна аудит.

Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору 2016-жылдын 16-майындагы №59 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине” ылайык түзүлгөн.

Жергиликтүү бюджеттердин кийинки жылга долбоорлору ар жыл сайын 1-октябрга чейин кирешелер бөлүгүндө салыктык, салыктык эмес төлөмдөрдүн жана жыйымдардын бардык түрлөрү көрсөтүлүп, ал эми чыгашалар бөлүгү функционалдык жана экономикалык классификациялар боюнча КР Финансы министрлигине берилет.

Аудитке камтылган мезгилде бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөр жергиликтүү Кеңештердин отурумдарында каралып, тактамалардын негизинде жүргүзүлгөн.

Мындан сырткары, Кеңештердин токтомдорунун негизинде жылдын башында калган каражаттар жана отчеттук мезгилге бюджетти аткаруунун жыйынтыгында кирешелердин чыгымдардан ашыкча аткарылышынын эсебинен кошумча каражаттар бөлүнгөн.

**2024-жылдын** жергиликтүү бюджеттеринин жалпысы киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча 624986,8 миң сомго бекитилген.

Ал эми 2024-жылдын 1-январына калган калдык 112620,7 миң сом, анын ичинен 107171,4 миң сом бюджеттик каражаттар жана 5449,3 миң сом атайын каражаттар жергиликтүү Кеңештердин токтомдорунун негизинде бөлүштүрүлгөн.

2024-жылдын бюджетинин аткарылышынын жүрүшүндө бекитилген бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөр киргизилген. Жыйынтыгында жергиликтүү бюджеттер жалпысы 802716,4 миң сомго тактталган, анын ичинде атайын каражаттар 20696,0 миң сомго аныкталган.

Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору 2016-жылдын 16-майындагы №59 "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине" ылайык түзүлгөн.

Жергиликтүү бюджеттердин кийинки жылга долбоорлору ар жыл сайын 1-октябрга чейин кирешелер бөлүгүндө салыктык, салыктык эмес төлөмдөрдүн жана жыйымдардын бардык түрлөрү көрсөтүлүп, ал эми чыгашалар бөлүгү функционалдык жана экономикалык классификациялар боюнча КР Финансы министрлигине берилет.

Аудитке камтылган мезгилде бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөр жергиликтүү Кеңештердин отурумдарында каралып, тактамалардын негизинде жүргүзүлгөн.

Мындан сырткары Кеңештердин токтомдорунун негизинде жылдын башында калган каражаттар жана отчеттук мезгилге бюджетти аткаруунун жыйынтыгында кирешелердин чыгымдардан ашыкча аткарылышынын эсебинен кошумча каражаттар бөлүнгөн.

### Жергиликтүү бюджеттердин божомолунун түзүлүшүнө анализ жана бюджеттин резервтерин аныктоо:

Ноокат району боюнча мамлекеттик салык башкармалыгынын 7-Н формасынын отчетунда **01.01.2025-жылга** төлөнбөгөн негизги салык карыздарынын суммасы 86466,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- киреше салыгы – 3595,3 миң сом;
- пайдага салыгы – 14124,6 миң сом;
- кошумча нарк салыгы –9449,0 миң сом;
- жер салыгы – 4692,7 миң сом ;
- кыймылсыз мүлккө салыгы – 544,8 миң сом;
- кыймылдуу мүлккө салыгы – 5305,4 миң сом;
- жер казынасын пайдалануудан алынуучу салык – 4682,8 миң сом;
- сатуудан алынуучу салыгы – 6295,6 миң сом;
- кошумча нарк салыгы (ЕАЭС) – 6995,3 миң сом;
- башка салыктардан – 30780,5 миң сом.

01.01.2024-жылга салыштырмалуу, 01.01.2025-жылга карата төлөнбөгөн салык боюнча карыздар 23465,8 миң сомго көбөйгөн.

Төлөнбөгөн салыктар боюнча карыздардын өзгөрүүсүн ала турган болсок, 2024-жылдын башына өндүрүлбөгөн карыздардын 10 түрү болсо, анын 5 түрүнөн өткөн жылга салыштырмалуу жалпысы 8921,3 миң сомго салык карыздары азайса, 5 түрү боюнча жалпысы 32387,1 миң сомго салык карыздары көбөйгөн.

### Бюджеттин кирешелер түзүмүнүн бекитилген параметрлерине салыштырмалуу бюджеттин аткарылышына аудит жана анализ.

**2024-жылга** салыктык кирешелер планы 440685,9 миң сомго тактталган. Жылдын жыйынтыгы менен салыктык кирешелердин түшүшү 445555,8 миң сомду түзүп, планга караганда 4869,9 миң сомго көп болгон же 101,1% аткарылган.

Салыктык эмес кирешелер 133016,7 миң сомго такталган. Жыл ичинде салыктык эмес кирешелердин жыйналышы 137030,4 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 4013,7 миң сомго көп болгон, план 103,0 % түзгөн.

Ал эми активдер боюнча киреше булагынын такталган пландары 2077,2 миң сом болсо, жыл ичинде 2600,3 миң сом киреше чогулган.

**Республикалык бюджеттен бөлүнгөн трансферттердин толук түшүшүнө анализ.**

**2024-жылы** республикалык бюджеттен алынган трансферттердин жалпы суммасы 117926,8 миң сомду түзгөн (жалпы бюджеттин көлөмүнүн 16,8%). Такталган пландын чегинде аткарылган. Анын ичинен:

- теңдештирүүчү грант 96917,1 миң сом;
- республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттардын жалпы суммасы 21009,7 миң сом. Андан: Калкты тейлөө кызматкерлери үчүн (делегирование ГРС) 2260,8 миң сом, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү боюнча каржылоолор (статистерге) 6073,3 миң сом жана тоолуу аймактардагы абоненттердин пайдаланган электр энергиясы үчүн компенсацияларга 1384,6 миң сом, Салыктык кирешелердин ордун толтуруу (выпадение налог) 10858,4 миң сом. Жаңыдан ачылган бала бакчалардын эмгек акысына айыл өкмөттөрдүн бюджетине кошумча Республикалык бюджеттен каржылоо үчүн 432,6 миң сом.

**Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын каржыланышына жана пайдаланышына аудит.**

**2024-жыл** аралыгында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жалпысы 77037,9 миң сомдук долбоорлор дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржыланып, ишке ашырылган. Анын ичинен: республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен 42308,9 миң сом, өздүк салымдар 34729,0 миң сом.

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын сарпталышы айылдык аймактар боюнча алсак: Кенеш айыл аймагы боюнча 2 долбоорго 3437,1 миң сом, Кыргыз-Ата айыл аймагы 3 долбоорго 7716,3 миң сом, Т. Зулпуев айыл аймагы 2 долбоорго 3787,4 миң сом, Гулистан айыл аймагы 1 долбоорго 4762,1 миң сом, Бел айыл аймагы 1 долбоорго 2230,2 миң сом, Көк-Жар айыл аймагы 2 долбоорго 4894,9 миң сом, Төөлөс айыл аймагы 2 долбоорго 4139,0 миң сом, Т.Кулатов айыл аймагы 1 долбоорго 2010,1 миң сом, Жаны-Ноокат айыл аймагы 2 долбоорго 6732,7 мин сом, Ноокат шаары боюнча 1 долбоор 2735,8 мин сом, экинчи долбоор катталган, бирок каржыланган эмес.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга карата бекитилген иш планы жана Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн негизинде аталган долбоорлорду ишке ашыруудагы курулуш-монтаждоо жумуштарына аудит жүргүзүлгөн эмес.

**2024-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын аткарылышынын функционалдык түзүлүшүнө аудит.**

**2024-жылы** жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын каражаттарды кошкондо такталган план 802716,4 миң сомду түзгөн. Ал эми кассалык аткарылганы 716972,3 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 85744,1 миң сомго аз же 89,3% түзгөн. Мындан тышкары активдер боюнча бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн такталган пландары 185023,4,0 миң сомду түзсө, кассалык аткарылышы 166011,7 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 19011,7 миң сомго аз же 89,7 % түзгөн.

**Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар.**

Аталган бөлүк боюнча 2024-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгымдары 246136,9 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 213374,6 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 32283,6 миң сомго аз болгон же 86,9 % аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 2419,0 миң сом, чыгымдалганы 1876,8 миң сом же 77,6 % аткарылган.

**Жарандык коргонуу:**

Аталган бөлүк боюнча 2024-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгымдары 11969,4 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 11519,4 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 450,0 миң сомго аз болгон же 96,2 % аткарылган.

**Экономикалык маселелер.**

2024-жыл үчүн ушул бөлүк боюнча такталган план 63592,7 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 56226,4 миң сом же болбосо 7366,3 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 88,4 % аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 19557,2 миң сом, чыгымдалганы 16770,7 миң сом же 85,8 % аткарылган.

**Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр.**

2024-жылы бул бөлүк боюнча такталган план 174743,8 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 163632,2 миң сом же болбосо 11111,6 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 93,6 % аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 97611,6 миң сом, чыгымдалганы 88987,2 миң сом же 91,2 % аткарылган.

**Эс алуу, маданият жана дин.**

2024-жылы бул бөлүк боюнча такталган план 47847,1миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 43943,2 миң сом же болбосо 3903,9 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 91,8 % аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 7449,5 миң сом, чыгымдалганы 7052,8 миң сом, же 94,7 % аткарылган.

**Билим берүү.**

2024-жыл үчүн бул тармак боюнча такталган план 236275,3 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 206821,7 миң сом же болбосо 29453,6 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 87,5% аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 57986,1 миң сом, чыгымдалганы 51324,2 миң сом же болбосо 88,5% аткарылган.

**Социалдык коргоо.**

2024-жылга бул бөлүк боюнча такталган план 11827,7 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 10783,5 миң сом же болбосо 1044,2 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 91,2 % аткарылган.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ноокат башкармалыгынын казына бөлүмүнүн функционалдык ишмердүүлүгүн текшерүү.**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ноокат башкармалыгынын казына бөлүмүнүн функционалдык ишмердүүлүгүн текшерүү.

КР Финансы министрлигинин Ноокат финансы башкармалыгынын казына бөлүмүнүн 2024-жылга иш планы түзүлүп, башкармалыктын жетекчиси тарабынан бекитилген. Адистердин функционалдык милдеттери бөлүштүрүлгөн, иш алып баруу боюнча номеклатуралык иш кагаздары жүргүзүлгөн.

2024-жылы казына бөлүмү тарабынан жалпы 47 бюджеттик мекемелер тейленген. Анын ичинен:

- республикалык бюджеттен каржыланган 33 мекеме-ишканалар. Алар: 79 бюджеттик эсеп, 17 атайын эсеп, 23 депозиттик эсептери жана милдеттүү

медициналык камсыздандыруу фондусунун каражаттары боюнча 2 атайын эсеп, 2 депозиттик эсептер аркылуу тейленген.

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары: 13 айыл өкмөтү жана 1 шаар башкармалыгынан турат. Алар: 179 бюджеттик, 36 атайын жана 14 депозиттик эсептер аркылуу тейленген.

Кирешелердин ар кандай деңгээлдерине чегерилиши күн сайын "АИС Казна бюджет" программасы аркылуу жүргүзүлөт. Түшкөн кирешелер салыктардын түрлөрү боюнча жана кирешелердин бекитилген классификациясынын негизинде "АИС Казна бюджет" программасы аркылуу кирешелердин ээлерине чегерилет. Аудит убагында тандап алуу ыкмасы менен салыктык жана салыктык эмес жыйымдардын, башка кирешелердин бюджеттин ар кандай денгээлдери боюнча туура чегерилиши текшерилип, мыйзам бузуулар жана каталар аныкталган жок.

Күн сайын чегерилген кирешелер тийиштүү кызматкерлер тарабынан "АИС Казна бюджет" программасы аркылуу иштелип чыгат жана кирешелердин жалпы тутуму райондук салык кызматы менен такталып, салыштырылып, жыйынтыгы берилип турат. Текшерилген мөөнөт аралыгында салык кызматынын жана казына бөлүмүнүн актыларында айырмалар аныкталган жок.

Түшкөн кирешелердин жана алардын бюджеттин ар кандай деңгээлдерине чегерүүсүн так жүргүзүү боюнча учет "АИС Казна бюджет" программасында республикалык бюджеттин "Эсептердин казыналык китеби" (КСК), "Айыл өкмөттөрдүн бюджетинин эсептеринин казыналык китеби (КСК) жана "Такталбаган кирешелердин китеби" (КСК) жүргүзүлөт.

Күн сайын кирешелердин жана чыгашалардын "Жергиликтүү бөлүштүрүлбөгөн" казыналык китеби аркылуу ар бир айыл өкмөтү боюнча учет жүргүзүлөт жана ай сайын алардын калдыктары боюнча салыштырма акты түзүлөт.

Казына бөлүмүндө күн сайын республикалык бюджеттен алынган жана ачылган кредиттер боюнча учет төмөнкү КСКлар аркылуу учет жүргүзүлөт жана ар бир мекемеге "АИС Казна бюджет" программасы аркылуу такташуулар жүргүзүлүп турат. Булар: КСК "РОК-ЦК" Которуу эсеби, КСК "РОК-РОК" которуу эсеби, бул эсептер боюнча ай сайын Борбордук казыналык менен салыштырма актылары түзүлөт. Текшерүү учурунда максатсыз каржылоо аныкталган жок.

2024-жылга райондун жергиликтүү бюджети, официалдык трансферттерди эске алуу менен кирешелер боюнча 624986,8 миң сомго пландаштырылып бекитилген, бирок бюджеттин аткарылышында киреше жана чыгашалар бөлүктөрүнө бир нече тактамалар киргизилип, жыйынтыгында отчеттук мезгилге 802716,4 миң сомго такталган. Анын ичинен атайын каражаттар 99710,8 миң сом, теңөөчү трансферттер 96917,1 миң сом, максаттуу трансферттери 21009,7 миң сомду түзгөн. 2024-жылдын башына жергиликтүү бюджеттердеги бюджеттик жана атайын каражаттардын калдыктарынын жалпы суммасы 98664,1 миң сомду түзгөн.

Жылдын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджеттерге республикалык бюджеттен берилген максаттуу трансферттен пайдаланылбай калган 4355,3 миң сом кайрадан республикалык бюджетке кайтарылып берилген. Анын ичинен ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүдөн улам келип чыккан (статисттер) 74,2 миң сом, мектепке чейинки билим беруу бөлүмунүн айлык акыларынын эсебинен чыккан (дет.сад) 3406,0 миң сом, компенсациянын эсебинен 875,1 миң сом түзгөн.

Жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жөнүндөгү отчету (макет) Башкы китептин эсептери менен дал келет. Чыгыштоолор каржыланган көлөмгө жана экономикалык, функционалдык классификацияларга ылайык жүргүзүлгөн.

2024-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгашаларынын бекитилген планы 519408,7 миң сом, такталган планы 597107,7 миң сомду түзүп, кассалык чыгымдар

531084,4 миң сомду түзгөн же план 88,9 % аткарылган, анын ичинен эмгек акыга 212000,5 миң сом каралса, кассалык аткаруу 189632,8 миң сомду түзгон же 89,4% аткарылган.

Жергиликтүү мекемелердин атайын каражаттарынын такталган планы 79125,5 миң сомду түзүп, кассалык чыгымдоо 75052,3 миң сомду түзгөн же 94,8% аткарылган.

Финансылык эмес активдер боюнча бюджеттик каражаттардын эсебинен чыгашалардын такталган планы 182946,2 миң сомду түзүп, кассалык чыгымдар 163509,0 миң сомду түзгөн же план 89,4 % аткарылган. Атайын каражаттар боюнча финансылык эмес активдердин такталган планы 20585,3 миң сомду түзсө, жыл ичинде чыгымдоолор 19875,9 миң сомду түзгөн же план 96,5 % аткарылган.

2024-жылга которуу эсептердеги маалыматтары келтирилген башкы баланстын маалыматтарына дал келет. Тактап көрсөтсөк:

-Жергиликтүү бюджеттин бюджеттик каражаттардын калдыктары 01.01.2024-жылга 107171,4 миң сомду түзсө, кирешеси 609154,9 миң сомду түзүп, ал эми чыгашасы 622141,4 миң сомду түзүп, жылдын аягына калдык 94184,8 миң сом болгон.

-Республикалык бюджеттин атайын каражаттардын калдыктары 01.01.2024-жылга 6543,6 миң сомду түзсө, кирешеси 52568,6 миң сомду түзүп, ал эми чыгашасы 45222,5 миң сомду түзүп, жылдын аягына калдык 13889,7 миң сом болгон. Маалыматтар форма №4 “Атайын каражаттардын чыгым сметаларынын аткарылышы” жөнүндөгү отчет менен далилденет.

-Республикалык каражаттардан милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондусунун каражаттары боюнча жыл башына калдык 23316,7 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде 530008.3 миң сом кириштелип, чыгышталганы 534793.5 миң сомду түзүп, жыл аягына 18531,5 миң сом болгон. Маалыматтар форма №4 “Атайын каражаттардын чыгым сметаларынын аткарылышы” жөнүндөгү отчет менен далилденет.

-Жергилуктүү бюджеттин атайын каражаттардын калдыктары 01.01.2024-жылга 5449,2 миң сомду түзсө, кирешеси 93958,3 миң сомду түзүп, ал эми чыгашасы 94928,2 миң сомду түзүп, жылдын аягына калдык 4479,3 миң сом болгон. Маалыматтар форма №4 “Атайын каражаттардын чыгым сметаларынын аткарылышы” жөнүндөгү отчет менен далилденет.

-Республикалык депозиттик ресурстар боюнча 01.01.2024-жылга калдык 2392,4 миң сомду түзгөн, жыл ичинде 15624,2 миң сом каражат кириштелип, 10614,1 миң сом чыгымдалган. 2024-жылдын аягына калдык 7402,6 миң сомду түзөт. Бул маалымат №4 формадагы отчет менен далилденет.

-Жергиликтүү депозиттик каражаттар боюнча: жыл башында калдык 3389,6 миң сом, жыл ичинде 3496,8 миң сом чыгышталып, 01.01.2025-жылга 6886,4 миң сом калган. Бул маалымат №4 формадагы отчет менен далилденет.

- Республикалык каражаттардан милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондусунун депозиттик каражаттар боюнча: жыл башында калдык 2094.9 миң сом, жыл ичинде 6106.8 миң сом кириштелип , 8201,7 мин сом чыгымдалган. 2024-жылдын аягына калдык калган эмес. Маалыматтар форма №4 “Атайын каражаттардын чыгым сметаларынын аткарылышы” жөнүндөгү отчет менен далилденет.

(РОК-ЦК ) - Б дебет боюнча – 4445875,6 миң сом каржыланган.
Кредит боюнча – 332435,1 миң сом.

(РОК-РОК) - Б дебет боюнча – 49288,7 миң сом каржыланган.
Кредит боюнча – 1091284,2 миң сом.

(РОК- РОК) - С дебет боюнча – 519048,2 миң сом каржыланган.
Кредит боюнча - 2510,8 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2009-жылдын 19-мартындагы №47 буйругу менен макулдашылган, Кыргыз Республикасынын

Мамлекеттик салык кызматы 19.02.2009-жылдагы №34 буйругу менен бекитилген “Салыктардын ашыкча төлөнгөн жана кайтарылган суммалардын зачету жөнүндөгү” Жобонун негизинде 2024-жылы мамлекеттик салык кызматынын Ноокат району боюнча башкармалыгы тарабынан сунушталган Ноокат финансы башкармалыгынын казына бөлүмү аркылуу 312 даана STI-012 формасындагы 20378,6 миң сомдук салыктардын бир түрүнөн башка түрүнө которуулары жүргүзүлгөн, ал эми STI- 013 формасы менен 111 даана 8075,7 миң сомдук салыктар кайтарылган.

**2024 - жылдын Башкы китептин жалпыланган балансын текшерүү.**

Республикалык бөлүштүрүлгөн бюджеттик каражаттардын кириштелиши 4154474,7 миң сомду, ал эми чыгымдалышы 4154474,7 миң сомду түзгөн, Финансылык эмес активдердин кириштелиши 93695,4 миң сомду, чыгымдалышы 93695,4 миң сомду түзгөн.

Жергиликтүү бөлүштүрүлгөн бюджеттик каражаттардын кириштелиши 456032,1 миң сомду, чыгымдалышы 456032,1 миң сомду түзгөн. Финансылык эмес активдердин кириш-чыгышы 166109,3 миң сомду түзгөн. Бул маалыматтар “форма №2 Жергиликтүү бюджеттердин сметаларынын аткарылышы” жөнүндөгү отчеттор менен аныкталган.

Мамлекеттик салык кызматынын Ноокат району боюнча башкармалыгы менен ай сайын салыштырма актылары жүргүзүлүп, алардын бардык реквизиттери, мөөрлөрү, тиешелүү жетекчилердин жана адистердин колдору коюлган документтери тиркелген.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар менен Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 08.06.2014-жылдагы «Мамлекеттик бюджетти аткарууда казыналык эсептерди ачуу жана финансалык оперцияларды жүргүзүүгө уруксат алуу» №84-П буйругу менен бекитилген инструкциясынын 5,7-беренесин колдонуп, казына бөлүмү ачылган кредиттер боюнча функционалдык жана экономикалык классификацияларга ылайык салыштырма актыларын жүргүзүшөт.

Ушул инструкциянын 3,3-беренесин жетекчилике алып, казына бөлүмүнүн кызматкерлери эсеп ачуу учурунда бюджеттик мекемелерден тиешелүү документтерди (устав, мамлекеттик каттоо күбөлүгүн, салык кызматында каттоо жана башка) талап кылып, эсептерди ачышат.

## ЖЫЙЫНТЫК:

Ош областынын Ноокат районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2024-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпы **123159,3** миң сомдук каржы бузуулар аныкталды, анын ичинен калыбына келтирилүүгө тийиш болгон каржы бузуулар **115085,0** миң сом, андан **109999,3 миң сом** *(бюджет боюнча **843,4** миң сом, бухгалтердик эсеп боюнча **109155,9** миң сом)* калыбына келтирилди, калыбына келтирилбеген калдык сумма **5085,7** миң сомду түзөт.

**Бузуулардын классификатору боюнча:**

- **(210201)** Төлөмдөрдү туура, толук жана өз убагында жүргүзүлүшүн, алар боюнча туумдардын жана айып пулдардын эсептелишин жана төлөнүшүн контролдоо боюнча көрүлбөгөн чаралар **755,3** миң сом, толук бюджетке калыбына келтирүүгө жатат, калыбына келтирилген жок;
- **(210305)** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) **1771,1** миң сом, толук бюджетке калыбына келтирүүгө

жатат, андан 657,4 миң сом бюджетке калыбына келтирилди, калыбына келтирилбеген калдык сумма 1113,7 миң сомду түзөт;

- **(230207)** Курулуш-куроо иштеринин наркын жана/же көлөмүн жогорулатуу **2526,1** миң сом, толук калыбына келтирүүгө жатат, андан 1077,3 миң сом калыбына келтирилди, калыбына келтирилбеген калдык сумма 1448,8 миң сомду түзөт;

- **(230303)** Кызматкерлердин эмгек акысына жана башка акчалай төлөмдөр боюнча ченемден ашыкча чыгымдар **4381,3** миң сом, калыбына келтирүүгө жаткан 201,8 миң сом толук калыбына келтирилди, андан бюджетке 109,5 миң сом, мекемеге 92,3 миң сом;

- **(230305)** ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашыкча чыгымдар **3894,8** миң сом, калыбына келтирүүгө жатпайт;

- **(230306)** ТМБ ченемден ашыкча запастарды жана эсептешүүлөрдөгү каражаттар **933,6** миң сом, толук калыбына келтирүүгө жатат, андан мекемеге 118,4 миң сом калыбына келтирилди;

- **(310104)** Негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттарды жана материалдык эмес активтердин эскиргендигин эсептөөдөгү бузуулар **108959,7** миң сом, толук калыбына келтирүүгө жатат, андан 107251,7 калыбына келтирилди, калыбына келтирилбеген калдык сумма 1708,0 миң сомду түзөт;

- **(310105)** Мүлктөрдүн жана акча каражаттарынын жетишсиздиги 9,7 миң сом, толук калыбына келтирүүгө жатат, бюджетке калыбына келтирилди;

-**(310201)** Мүлктү белгиленген багыты жана же аны сатып алуудагы максаттарына ылайык эмес пайдалануу **43,0** миң сом, толук калыбына келтирүүгө жатат, мекемеге калыбына келтирилди;

- **(410205)** Командировкалык чыгымдарды, жөлөк пулдарды, компенсацияларды ж.б.төлөмдөрдөрдө төлөп берүүгө байланыштуу бузуулар **4,5** миң сом, толук калыбына келтирүүгө жатаи, бюджетке калыбына келтирилди;

- **(410215)** Дебитордук карыздар боюнча эсеп жүргүзүүдөгү бузуулар **635,5** миң сом, толук калыбына келтирүүгө жатат, мекемеге толук калыбына келтирилди.

**Аудит объектилери боюнча:**

**1. Ноокат райондук мамлекеттик администрациясы боюнча** (*Башчысы-аким Чакибаев Эмиль Акжолтоевич., башкы эсепчиси Темирбек уулу Тынчтыкбек)* аудит мамлекеттик инспектор К.Рахманов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Ноокат райондук мамлекеттик администрациясында жалпы Ноокат району боюнча айыл өкмөттөр арасында 2024-жылга 15614,8 миң кВт/саат лимит чектелген болсо, жыл ичинде 14156,9 миң кВт/саат сарпталган, натыйжада 1457,9 миң кВт/саат электр энергиясы үнөмдөлгөн, ал эми **755,2 миң кВт/саат суммасы 3152,4 миң сомдук электр энергиясы ашыкча чыгымдалган.** Ашыкча чыгымдоого жол берген айыл өкмөттөр: Кеңеш айыл өкмөтү 101,9 миң кВт/саат суммасы **425,9** миң сом; Зулпиев айыл өкмөтү 275,9 миң кВт/саат суммасы **1042,7** миң сом; Кара-Таш айыл өкмөтү 119,0 миң кВт/саат суммасы **446,9** миң сом; А.Мирмахмудов айыл өкмөтү 2,4 миң кВт/саат суммасы **10,1** миң сом; Көк-Жар айыл өкмөтү 256,0 миң кВт/саат суммасы **1226,7** миң сом.

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 05.04.2023-жылдагы №158 токтому менен бекитилген "Бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрү үчүн электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин бекитүүдө энергия ресурстарын жана бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу пайдалануу максатында, электр, жылуулук энергияларынын лимиттеринин

бекитилиши жөнүндө” Тескеменин 5-жана 6-пункттарында каралган талаптар так, аткарылбастан бюджеттик жоготууларга жол берилген.

**Сунуштама 1.** Ашыкча чыгымдарга жол берген ар бир айыл өкмөттөр боюнча, электр энергиясынын ашыкча чыгымдалышынын себептерин аныктоо, ашыкча чыгымга жол берген жооптуу кызматкерлеринин жоопкерчилигин кароо жана электр энергияны белгиленген лимиттин чегинде үнөмдүү пайдалануу боюнча атайын иш алып барылсын.

**2. Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Ноокат башкармалыгы боюнча** (*Жетекчиси Акмаматов С.А., башкы адиси Таалайбек уулу Бекназар)* аудит мамлекеттик инспектор К.Рахманов тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, 2024-жыл аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспекттеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**3. Ноокат районунун өнүктүрүү фондусу боюнча** *(Фонддун мурдагы аткаруучу директору Н.Жунусов., мурдагы эсепчиси И.Абдуллаев)* аудит мамлекетик инспектор К.Рахманов тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, 2024-жыл аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспекттеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**4. “Мирмахмудов” айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Нурматов М.А., ФЭБ башчысы Ували уулу Тынычбек)* аудит мамлекеттик инспектор К.Рахманов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1. 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына жүргүзүлгөн мурдагы шайкештик аудиттин** жыйынтыгында аныкталган каржы бузуулардан 25,0 миң сом азыркы күнгө чейин калыбына келтирилбегендиги такталды. Тактап айтканда, А.Мирмахмудов айылдык кеңешинин төрагасы Ш.Гафаров бала багуу үчүн эмгек акы сакталбаган өргүүгө чыккандыгына байланыштуу, айылдык кеңештин төрагасынын милдитин аткаруу 2022-жылдын 6-октябрынан 2023-жылдын 15-мартына чейинки аралыкта төраганын орун басары А.Ашиевага убактылуу жүктөлгөн. Ошол эле учурда А.Ашиева Ноокат райондук электр тармактар ишканасында эмгектенген. А.Ашиевага эмгек акы беренесинен 2023-жылдын 30-ноябрында эмгек өргүү үчүн 68,2 миң сом, 2023-жылдын 27-декабрында эмгек акы үчүн 25,0 миң сом, жалпы **93,2 миң сом** акча каражаты А.Ашиеванын жеке эсеп счетуна которулуп берилген. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында 68,2 миң сом бюджетке калыбына келтирилген. Ал эми 25,0 миң сом бүгүнкү күнгө чейин калыбына келтирилбеген.

**Сунуштама 1.** А. Ашиеванын жеке эсеп счетуна негизсиз которулуп берилген 25,0 миң сом акча каражатын бюджетке кайтаруу боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** А.Мирмахмудов айыл аймагынын башчысынын 2025-жылдын 3-мартындагы № 68 буйругунун негизинде түзүлгөн комиссия курамында айыл өкмөттүн балансында турган негизги жана айланма каражаттарга инвентаризация жүргүзүлүп, жыйынтыгында 21 жооптуу адамдын жоооопкерчилигинен тамак-аш азыктары боюнча **3,7 миң сомдук** жетишпестик, ал эми товардык-материалдык баалуктардан **18,5** миң сом, тамак-аш азыктарынан **19,7** миң сом, жалпысынан **38,2** миң сомдук ашыкча чыгуу аныкталды **(3,7 миң сом классификатор боюнча коду 310105, 38,2 миң сом классификатор боюнча коду 310104)**.

Көрүлгөн чаралардын натыйжасында **38,2** миң сомдук ашыкча чыккан тамак-аш жана материалдык баалуулуктар жоoптуу кызматкердин жоопкерчилигинен киреше актысынын негизинде киреше болду. Ал эми **3,7** миң сомдук жетишпестик жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилигинен бюджетке калыбына келтирилди.

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга көзөмөл тийиштүү деңгээлде жүргүзүлсүн. Товардык-материалдык баалууктардан жана тамак-аш азыктарынан жетишпестикке жана ашыкча чыгууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге карата тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 183-пунктунда белгиленген талаптарды бузууга жол берилген. Тактап айтканда, А.Мирмахмудов айыл өкмөтүнүн карамагындагы айылдарга столба мамыларын (опора ЖБ СВ-95-2) орнотуу жана жарыктандыруу үчүн 2024-жылдын 27-майында "Эрбайыс" ЖЧКсы аркылуу 100 даана столба суммасы 1100,0 миң сомго, 2024-жылдын 29-майында "Виктория ЛТД" ЖЧКсы аркылуу 100 даана Кобра 150 ВАТ суммасы 252,0 миң сомго, жалпы **1352,0 миң сомго** келген негизги каражаттар А.Мирмахмудов айыл өкмөтүнүн жылдык баланстык отчтетунда негизги каражат катары балансқа алынбаган **(классификатор боюнча коду 310104)**.

**Сунуштама 3.** КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 183-пунктунда белгиленген талаптарга ылайык **1352,0 миң сомдук** негизги каражаттар айыл өкмөттүн балансына алынсын. Каржы бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 4.** А.Мирмахмудов айыл өкмөтүнүн карамагындагы Арал айылына мал базар куруу үчүн 3,0га жайыт жер аянтын "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформация) жөнүндө 2022-жылдын 30-майында Ноокат районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан №29 токтом чыккан. Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү" Мыйзамынын 7-беренесинин 1-1-пунктуна, А.Мирмахмудов атындагы айылдык Кеңешинин 2022-жылдын 19-январындагы №5-2 жана А.Мирмахмудов айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 18-февралындагы №06 токтомдоруна ылайык токтом чыккан.

2023-жылдын 11-августунда А.Мирмахмудов айыл өкмөтү менен "Арал ЛТД" ЖЧКсы ортосунда №26 келишим түзүлгөн, келишимдин негизинде айыл өкмөттүн жайыт жеринен 3,0га жери мал базар курууга 49-жылга ижарага берилген, келишим боюнча ижара акы жылына 172,0 миң сомдон белгиленген. Бирок, "Арал ЛТД" ЖЧКсы 2023-2024-жылга **344,0 миң сом** ижар акы төлөмүн азыркы мезгилге чейин төлөгөн эмес.

Ошондой эле, "Арал ЛТД" ЖЧКсы тарабынан аталган жер аянтына 2023-2024-жылдар аралыгына айыл чарба багытына арналбаган жер салыгын дагы төлөбөй

жүргөндүгү аудит мезгилинде аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө айыл өкмөтүнүн атынан Ноокат райондук салык башкармалыгына жер салыгын эсептөө үчүн кат жолдонуп, натыйжада Ноокат райондук салык башкармалыгы тарабынан 2023-жылдын 1-сентябрынан 2025-жылдын 31-мартына чейин ”Арал ЛТД” ЖЧКсына **536,8 миң сом** жер салыгы эсептелинди. Каржы бузуулар калыбына келтирилген жок **(классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 4.** Ижарага берилген жер аянттарынын ижара акы төлөмдөрүн өз убагында өндүрүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн. Ижара акы төлөмдөрүн өндүрүү боюнча тийиштүү деңгээлде иш-алып барбаган жооптуу кызматкерге карата чаралар көрүлсүн.

“Арал ЛТД” ЖЧКсы тарабынан 536,8 миң сом жер салыгы жана 344,0 миң сом ижара акы төлөмдөрү, жалпы **880,8 миң сом** бюджетке калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун негизинде Мирмахмудов айыл өкмөтүндө 7 муниципалдык кызматкердин штаты кыскартылган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 86-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен 7 кызматкерге 3 айлык эмгек акы ченеминде **409,8 миң сом** иштен кетүү жөлөк пулу негизсиз төлөнүп берилгендиги аныкталды, анткени алар ошол эле күнү келишимдин негизинде жумушка кайра кабыл алынып иштей башташкан **(классификатор боюнча коду 230303).**

| № | Кызматкердин таы-жөнү | Мурдагы ээлеген кызматы | АТРдин негизинде бошотулган буйрук | Кайра контрактык негизде ишке алынган буйрук | Жаны ээлеген кызматы, келишим негизинде | АТРдин негизинде төлөнгөн 3 айлык компенсация суммасы (миң сом) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мамадоипова А. | ВУС инспектору | 29.03.24-ж №11 | 29.03.24-жыл №15 | ВУС инспектору | **65,6** |
| 2 | Моминова Р. | Салык кызматкери | 29.03.24-ж №11 | 29.03.24-жыл №15 | Иш кагаздарын жүргүзүүчү | **56,8** |
| 3 | Аманбаев А. | Айыл башчы | 29.03.24-ж №11 | 29.03.24-жыл №15 | Айыл башчы | **41,3** |
| 4 | Исмаилов Э. | Айыл башчы | 29.03.2024-жыл №11 | 29.03.24-жыл №15 | Айыл башчы | **69,8** |
| 5 | Абдурахманов Д. | Айыл башчы | 29.03.24-ж №11 | 29.03.24-жыл №15 | Айыл башчы | **62,4** |
| 6 | Чимбаев Н. | Айыл башчы | 29.03.24-ж №11 | 29.03.24-жыл №15 | Айыл башчы | **56,9** |
| 7 | Маллаебаев И. | Айыл башчы | 29.03.24-ж №11 | 29.03.24-жыл №15 | Айыл башчы | **57,0** |
| | Негизсиз берилген компенсация суммасы | | | | | **409,8** |

**Сунуштама 5.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, КР Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана

муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 6.** 2024-жылга ижара акы боюнча ижарачылар менен аласа бересе боюнча анализ жүргүзүлбөгөн. Айыл өкмөттүн жер адисинин берген маалыматы боюнча: айыл чарба багытындагы жерлердин ижара акысынан 2024-жылдын 1-январына карата **234,4** миң сом дебитордук, **35,4** миң сом кредитордук карызы калган. 2024-жыл үчүн 738,0 **миң** сом ижара акы эсептелген. 2024-жыл үчүн бюджеттин киреше бөлүгүнө **364,5 миң** сом ижара акы өндүрүлүп, 2025-жылдын 1-январына карата **591,8 миң** сом ижара акыдан карыз калган.

**Сунуштама 6.** Кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысынан калган **591,8** миң сом акча каражаты тиешелүү ижарачылардын эсебинен бюджетке калыбына келтирилсин. Өз милдеттерин так аткарбаган ижара акыларын тактоо жана өз убагында өндүрүү боюнча жооптуу кызматкерге карата тийиштүү чаралар белгиленсин.

**5. “Гүлистан” айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Саттаров Б.А., ФЭБ башчысы Эргешова Б.А.)* аудит мамлекеттик инспектор Н.Дадабаев тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун негизинде Гулистан айыл өкмөтүндө 9 муниципалдык кызматкердин штаты кыскартылган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 86-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен 9 кызматкерге 3 айлык эмгек акы ченеминде **537,5 миң сом** иштен кетүү жөлөк пулу негизсиз төлөнүп берилгендиги аныкталды, анткени алар ошол эле күнү келишимдин негизинде жумушка кайра кабыл алынып иштей баштаган **(классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 1.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №735 “Пилоттук режимде айыл аймактарынын деңгээлинде административдик-аймактык реформа менен камтылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө” токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 11-январындагы №01-25\б буйругуна ылайык, Ноокат райондук мамлекеттик админстрациясынын 2024-жылдын 30-майындагы №14-129 буйругунун негизинде Гулистан айыл өкмөтүндө бирдиктүү муниципиалдык ишкана түзүү чечими чыгарылган, бирок, Гулистан айыл өкмөтүндө бирдиктүү муниципиалдык ишкана түзүлбөгөн.

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 11-январындагы №01-25\б буйругунун талаптарына ылайык Гулистан айыл өкмөтүндө бирдиктүү муниципалдык ишкана түзүлсүн.

**6. Жаңы-Ноокат айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Тиленбаев А., ФЭБ башчысы К.Саттаров*) аудит мамлекеттик инспектор Т.Акматов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 50-беренесинин 2-пунктунун талаптары сакталбаган, б.а. контракттын өзгөчө шартында контракттагы стандарттык эсеп менен кепилдикти камсыз кылуу 10% (он пайыз) наркы мекеме тараптан талап кылынбастан келишимдер түзүлүп 748,8 миң сом акча каражаты депозиттик эсепке түшпөгөндүгү аныкталды.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын так сактоо менен, түзүлгөн келишимдердин мөөнөтүндө аткаруу жагы жана контракттагы кепилдикти камсыз кылуу пайызынын наркы катуу көзөмөлгө алынсын. Мыйзам талаптарын кыйгап өтүү менен мамлекеттик сатып алууларга жол берген сатып алуулар боюнча кызматкерлерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Ижарачылардын жергиликтүү бюджетке төлөөчү ижара акысы боюнча 01.01.2024-жылга 337,6 миң сом дебитордук карызы болгон, 2024-жылы 1481,3 миң сомго келишимдер түзүлгөн, жыл ичинде 1356,2 миң сом жергиликтүү бюджетке төлөнүп, 31.12.2024-жылга 462,7 миң сом калдык карыз суммасы калган. Жогоруда көрсөтүлгөн жер аянттары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2007-жылдын 29-июнундагы №1997-Ш токтому менен жактырылган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 3-сентябрындагы №602 токтому менен бекитилген “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондусунун жерлерин ижара берүү шарттары жана тартиби жөнүндө” Жобого ылайык Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн жетекчисинин буйругу менен бекитилген комиссиянын курамында аукцион өткөрүлүп, аукцион жыйынтыгы менен ижарага берилген.

2024-жылдагы АЧЖМФ жерлеринин такталган план көрсөткүчү **1250,0** миң сомго такталып *(2024-жылы ижара акыдан **1356,2** миң сом бюджетке түшкөн, аткарылуу **108%**)*, план **568,9 миң сомго** азайтылгандыгы аныкталды. Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбешинин натыйжасында, 2024-жылдагы милдеттүү түрдө бюджетке түшүүчү ижара акы төлөмү төгүлбөй калгандыгы себебинен, **462,7 миң сомдук** жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн жоготуусуна алып келген.

**Сунуштама 2.** АЧЖМФ жерлеринин ижара акысынан азайтылган дебитордук карыз суммалары жергиликтүү бюджетти бекитүүдө пландоодо эсепке алынсын. Ижара акыдан **462,7 миң сом** карыз суммаларына ижарачылардан келишимде көрсөтүлгөн туум (пеня) эсептелип, тиешелүү бюджетке өндүрүлсүн.

**7. Бел айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Эшматов А., ФЭБ башчысы Сайдаматов Ж.)* аудит мамлекеттик инспектор А.Абдыкааров тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Бел айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 26-февралындагы №01-12/61 буйругунун негизинде товардык-материалдык баалуулуктарга жана негизги каражаттарга инвентаризация жүргүзүлүп, натыйжада Ноокат райондук билим берүү бөлүмү тарабынан Бел айыл өмөтүнө караштуу мектептердеги китеп фондунун жалпы **356,0 миң сомдук** китептери Бел айыл

өкмөтүнүн балансына алынбагандыгы аныкталды **(классификатор боюнча коду 310104).**

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024- жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптарын бузууга жол берилген.

**Сунуштама 1.** Бел айыл өмөтүнө караштуу мектептердеги китеп фондунун **356,6 миң сомдук** китептери Бел айыл өкмөтүнүн балансына алынсын. Каржы бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Ноокат районунун Бел айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында «**Бел айыл өкмөтүнө караштуу жаңыдан курулуп жаткан Райхан балдар бакчасын капиталдык ремонттон өткөрүү**» объектиси боюнча подрядчы "Ата Строй Групп" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **192,6 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, подряддык келишимдеги жумуштар толук аткарылбагандыгына карабастан, аткарылган ишти кабыл алуу актысында жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган. Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 230207).**

**Сунуштама 2.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Подрядчы "Ата Строй Групп" ЖЧКсы тарабынан аткарылбаган **192,6 миң сомдук** жумуштар толугу менен аткарылсын.

**Эскертүү:** "Бел айыл өкмөтүнө караштуу жаңыдан курулуп жаткан Райхан балдар бакчасын капиталдык ремонттон өткөрүү» объектиси боюнча подрядчы "Ата Строй Групп" ЖЧКсы тарабынан курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **192,6 миң сомго** жогорулатылгандыгы боюнча аудиттин материалдары, 08.10.2025-жылдагы №01-3/342 каттын негизинде укуктук баа берүү үчүн ***Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ош шаары жана Ош областы боюнча башкы башкармалыгына*** жөнөтүлдү.

**8. Бел айыл өкмөтү алдындагы "Бел" муниципалдык ишканасы боюнча** (*Жетекчиси Султанов О., эсепчиси Орунбаев Б.)* аудит мамлекеттик инспектор А.Абдыкааров тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** "Бел" муниципалдык ишканасынын кызматкерлеринин эмгек акыларынан салыктардын туура чегерилишине жана төлөнүшүнө аудит жүргүзүлүп, жыйынтыгында келишимдин негизинде 2 кызматкер менен келишим түзүлүп 127,7 миң сом акы төлөнүп берилгендиги, бирок Соцфонд жана кирише салык төлөмдөрү чегерилбегендиги аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө Соцфондго 10% **12,7** миң сом, ал эми 17,25 % **22,0** миң сом жана киреше салыгына **11,2** миң сом, жалпысынан **45,9 миң сом** кошумча эсептелди **(классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын 24.01.2004-жылдагы №8 "Социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн тарифтери жөнүндөгү" Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык

Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарга ылайык, **11,2** миң сом киреше салыгы жана **34,7** миң сом Соцфонд төгүмдөрү, жалпы **45,9 миң сом** тийиштүү бюджетке которулсун. Каржы бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**9. Кара-Таш айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Саланов К., ФЭБ башчысы Жамантаева)* аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулуев тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" токтомунун негизинде Кара-Таш айыл өкмөтүндө 6 муниципалдык кызматкердин штаты кыскартылган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 86-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен 6 кызматкерге 3 айлык эмгек акы ченеминде **328,4 миң сом** иштен кетүү жөлөк пулу негизсиз төлөнүп берилгендиги аныкталды, анткени алар ошол эле күнү келишимдин негизинде жумушка кайра кабыл алынып иштей баштакан **(классификатор боюнча коду 230303).**

| № | Кызматкердин Аты-жөнү | Мурдагы ээлеген кызматы | АТРдин негизинде ошотулган буйрук | Кайра контрактык негизде ишке алынган буйрук | Жаны ээлеген кызм аты, келишим негизинде | АТРдин негизинде төлөнгөн 2 айлык Компенсац. суммасы (миң сом) | Негизсиз төлөнгөн 1 айлык өлчөм. компен. миң сом менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Каразаков Патидин | ӨКМ кызматкери | 28.03.24-ж. №10 | 28.03.24-ж. №13 | ӨКМ инспектору | **46,7** | **23,3** |
| 2 | Маматкулов Туратбай | Жетектөөчү адис | 28.03.24-ж. №10 | 28.03.24-ж. №27 | Жер адиси | **43,8** | **21,9** |
| 3 | Исманалиев Абдисатар | ВУС кызматкери | 28.03.24-ж. №10 | 29.03.24-ж. №24 | Аскердик кызматы | **46,0** | **23,0** |
| 4 | Аманбек кызы Нурпери | Адис | 28.03.24-ж. №10 | 28.03.24-ж. №22 | Иш кагаздарын жүргүзүүчү | **8,5** | **4,3** |
| 5 | Азизбек кызы Жумагул | Жетектөөчү адис | 28.03.24-ж №10 | 28.03.24-ж №28 | Кенже тейлөөчү кызматкери | **37,1** | **18,6** |
| 6 | Кудайбердиев Асламидин | Жетектөөчү адис | 28.03.24-ж №10 | 28.03.24-ж. №11-б | Айыл башчы | **36,8** | **18,4** |
| | | | | | | **218,9** | **109,5** |
| | **Жалпы** | | | | **328,4** | | |

**Сунуштама 1.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кара-Таш айыл өкмөтүндөгү А.Мамыров атындагы орто мектебинин эски имаратында, азыркы «Кайнар-Булак» балдар

бакчасында 2024-жылдын 31-январында Билим берүү жана илим министрлигинин каражаттарынын эсебинен “Юг-Стройсервис” ЖЧКсы тарабынан 1485,3 миң сомдук капиталдык оңдоо жумуштары аткарылган. Белгилей кетүүчү жагдай, 2023-жылдын 9-декабрында Бүткүл дүйнөлүк банктын «Келечек үчүн билим» долбоору аркылуу алынган 286,6 миң сомдук эмеректер дагы берилген. Жалпы **1771,9 миң сомдук** негизги каражаттар кабыл алуу актысынын негизинде өткөрүлүп берилген, бирок Кара-Таш айыл өкмөтүнүн жылдык балланстык отчтетунда негизги каражат катары балланска алынбагандыгы аудиттин жүрүшүндө аныкталды. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталбаган. Негизги каражаттар айыл өкмөттүн балансына алынып, калыбына келтирилди **(классификатор боюнча коду 310104).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуп, 1771,9 миң сомдук негизги каражаттардын балланска алынбай калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун талаптарын бузууга жол берилген, тактап айтканда 2024-жылга айыл өкмөт башчысынын кызматтык автоунаасына **17,8 миң сомдук** күйүүчү май нормадан ашыкча сарпталган **(классификатор боюнча коду 230305).**

**Сунуштама 3.** Кызматтык автоунаага күйүүчү майды белгиленген нормадан ашыкча сарптоолорго жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**10. Төөлөс айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Эшполотов М., ФЭБ башчысы Тешебаева А.)* аудит мамлекеттик инспектор К.Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Киреше бөлүмүнүн аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жыйынтыгында, бюджетке каражаттардын келип түшүүсүн камсыздоо боюнча тиешелүү көзөмөл жүргүзүлбөгөндүктөн Салык агенти төлөөчү киреше салыгынан **755,3 миң сом** жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүмүнө чегерилбегендиги аныкталды. **(классификатор боюнча коду 210201)**.

Киреше салыгынын түшпөй калуу себеби негизинен билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин *(мектептер жана мектепке чейинки билим берүү уюмдары)* эмгек акысынан кармалуучу киреше салыктары өз убагында толук которулбагандыктан 2024-жылга эсептелген киреше салыгынан жалпы **755,3** миң сом киреше салыгы айыл өкмөттүн жергиликтүү бюджет кирешелерине түшпөй калган.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүмүнүн бюджетке каражаттардын келип түшүүсүн камсыздоо боюнча тиешелүү көзөмөл жүргүзүлбөгөндүктөн 755,3 миң сом жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүмүнө чегерилбестен бекитилген план толук аткарылбай калган жана чыгашалар бөлүмүнүн аткарылуусуна дагы таасир тийгизген. Натыйжада, КР Салык Кодексинин 185-беренесинин 2-пунктунда белгиленген талаптарды бузууга жол берилген. Каржы бузуулар калыбына келтирилген жок.

**Сунуштама 1.** Айыл өкмөттүн финансы-экономика бөлүмү тарабынан райондук билим берүү бөлүмүнөн 2024-жылда түшпөй калган **755,3 миң сом** киреше

салыгын жергиликтүү бюджетке түшүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлүп, айыл өкмөттүн кирешесине чегерилсин жана кирешелер боюнча ай сайын анализдер жасалып бюджетке каражаттардын келип түшүүсүн камсыздоо боюнча көзөмөл жүргүзүлсүн. Кирешелер бөлүмү боюнча жооптуу адистерге айыл өкмөттүн бюджетине түшүүчү ар бир киреше түрлөрү боюнча бекитилген пландардын аткарылышын камсыздоо милдеттендирилсин. Каржы бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2. «**Төөлөс тазалык» муниципалдык ишканасынын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн аудит жыйынтыгында, эмгек акыларды эсептөө жана төлөөдө эсептелген эмгек акынын колго тийүүчү накталай суммалары эсептелип, ал эми киреше салыгына которулуучу 25,4 миң сом жана Соцфондго чегерилүүчү 81,8 миң сом, жалпы бюджетке чегерилүүчү **107,2 миң сом** эсептелбей калгандыгы аныкталды.

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын 24.01.2004-жылдагы №8 "Социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн тарифтери жөнүндөгү" Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптар сакталбаган. Каржы бузуулар калыбына келтирилген жок **(классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 2.«**Төөлөс тазалык» муниципалдык ишканасынын кызматкерлерине эмгек акыларды эсептөөдө чегерилбей калган **25,4 миң сом** киреше салыгы жана **81,8 миң сом** Соцфондго чегерүүлөр тиешелүү бюджетке которулсун. Каржы бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Маданият бөлүмүндө эмгектенген кызматкерлердин штат бирдиктерине жүргүзүлгөн аудит жыйынтыгында, КРнын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы № 495 «Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө» токтомунун талаптары сакталбастан, К.Жороев атындагы маданият үйүндө 1 штат бирдиги (музыкант Момбекова У.) ашыкча кармалгандыгы аныкталды. Ашыкча кармалган штат бирдигине 2024-жыл ичинде 144,5 миң сом эмгек акы жана 24,9 миң сом Соцфондго чегерүүлөр эсептелинип, төлөнүп берилген. Натыйжада, **169,4 миң сомдук** бюджеттик жоготууларга жол берилген **(классификатор боюнча коду 230303)**.

**Сунуштама 3.** Төөлөс айыл өкмөтүнүн К.Жороев атындагы маданият үйүндө ашыкча кармалган (музыкант) 1 штат бирдиги кыскартылсын. Маданият бөлүмүнүн штат бирдиктерин бекитүү жана кармоодо, КРнын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы № 495 токтому менен бекитилген типтүү штат бирдиктери чегинде кармалып ашыкча штат бирдиктерин кармоого жол берилбесин. Каржы бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» Жарлыгынын 6-пунктунун талаптары сакталбастан, кызматтык сапарда жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн **20,4 миң сом** компенсация негизсиз төлөнгөндүгү аныкталды. Каржы бузуулар тиешелүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке калыбына келтирилди **(классификатор боюнча коду 230303)**.

**Сунуштама 4.** Кызматкерлердин кызматтык сапарда жүргөндүгү эске алынбастан, транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн компенсацияларды ашыкча төлөөлөргө жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы

каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Ноокат районунун Төөлөс айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында «**Жайылма айылында кичи футбол аянтчасын куруу**» объектиси боюнча подрядчы “Ата Строй Групп” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында **62,3 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, подряддык келишимдеги жумуштар толук аткарылбагандыгына карабастан, аткарылган ишти кабыл алуу актысында көрсөтүлгөн жумуштардын **көлөмүндө 62,3** миң сомдук бетон төшөөчү катмарлардын түзүлүшүндөгү жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган (аткарылбаган иштер). Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 230207).**

**Сунуштама 5.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Аныкталган **62,3 миң сомдук** курулуш-куроо иштеринин наркын жана көлөмүн жогорулатуулар “Ата Строй Групп” ЖЧКсы тарабынан бюджетке калыбына келтирилсин.

**Эскертүү:** Төөлөс айыл аймагынын «**Жайылма айылында кичи футбол аянтчасын куруу**» объектиси боюнча подрядчы “Ата Строй Групп” ЖЧКсы тарабынан тарабынан курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **62,3 миң сомго** жогорулатылгандыгы боюнча аудиттин материалдары, 08.10.2025-жылдагы №01-3/342 каттын негизинде укуктук баа берүү үчүн **Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ош шаары жана Ош областы боюнча башкы башкармалыгына** жөнөтүлдү.

**11. Көк-Бел айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Маматов М., ФЭБ башчысы Дадабаев Ш.)* аудит мамлекеттик инспектор А.Жумабаев тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун негизинде Көк-Бел айыл өкмөтүндө 3 муниципалдык кызматкердин штаты кыскартылган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 86-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен 3 кызматкерге 3 айлык эмгек акы ченеминде **267,2 миң сом** иштен кетүү жөлөк пулу негизсиз төлөнүп берилгендиги аныкталды, анткени алар ошол эле күнү келишимдин негизинде жумушка кайра кабыл алынып иштей башташкан **(классификатор боюнча коду 230303).**

| № | Кызматкердин аты-жөнү | Мурдагы ээлеген кызматы | АТРдин негизинде бошотулган буйрук | Кайра контрактык негизде ишке алынган буйрук | Жаны ээлеген кызматы, келишим негизинде | АТРдин негизинде төлөнгөн 3 айлык компенсация (миң сом) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Байтокоев Рашитбек | ВУС инспектору | 29.03.24-ж №18 | 29.03.2024-ж №18 | ВУС инспектору | 83,8 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Исакбаев Маматкарим | Иш кагаз. жүргүзүүчү адис | 29.03.24-ж №20 | 29.03.2024-жыл №20 | Иш кагаздарын жүргүзүүчү | 84,9 |
| 3 | Караев Назарбек | Соц адис | 29.03.24-ж №19 | 29.03.2024-жыл №19 | экономист статист | 98,5 |
| 4 | Эргешов Абдисатар | экономист статист | 27.03.24-ж №17 | | | 94,1 |
| | Жалпы | | | | | 361,3 |
| | **Негизсиз берилген компенсация суммасы** | | | | | **267,2** |

Аудиттин жүрүшүндө 89,1 миң сом бюджетке калыбына келтирилди.

**Сунуштама 1.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын негизинде чыгашалардын экономикалык классификациясынын коддорун бузуу менен чыгымдалуулар орун алган жана 2024-жылы 2222 беренесинен **520,7 миң сомдук** ар кандай жабдуулар, курулуш материалдары ж.б. сатылып алынган. Аталган товарлар, мамлекеттик сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик чыгаша классификатор коду 2215, 311122 же 3112 машиналар жабдуулар беренесинен чыгашалануусу кажет болгон. Жалпы аудит камтыган мезгил аралыгындагы чыгаша классификатор кодунун максаттарын одоно түрдө бузуу менен чыгашалануулардын суммасы **520,7 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама 2.** Жергиликтүү бюджеттин чыгашалануулары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарын так сактоо менен жүргүзүлсүн. Бюджеттик классификациянын коддорун колдонууну бузуу менен чыгымдалууларга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду 3.**

1). Конкурс 241112477148561 конкурс 2024 -жылдын 12-ноябрында өткөрүлгөн. Лот- Көк-Бел айыл өкмөтүндөгү К.Абдылакимов атындагы Көк-Бел орто мектебинин чыгыш тарабындагы эшик-терезелерин алмаштыруу ондоо, суммасы 1548,3 миң сом. Аудиттин жүрүшүндө аталган конкурс “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын бузуу менен өткөрүлгөндүгү аныкталган, атап айтканда: Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 50-беренесинде көрсөтүлгөн: “Контрактты аткарууну кепилдик камсыз кылуу (ГОИК) накта акча түрүндө берилген учурда, берүүчү аларды мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эсебине которот” - деген талаптары аткарылбаган, тактап айтканда 77,4 миң сомдук кепилдик суммасы (ГОИК1548352*5%=77418 сом) мекеменин депозиттик эсебине которулбаган.

2). Конкурс 241112477148561 конкурс 2024 -жылдын 08-майында өткөрүлгөн. Лот- Көк-Бел айыл өкмөтүнүн Көк-Бел айылындагы К.Сейдалиев көчөсүнө асфальт төшөө, суммасы 4000,0 миң сом. Аудиттин жүрүшүндө аталган конкурс “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын бузуу менен өткөрүлгөндүгү аныкталган, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамынын 50-беренесинде көрсөтүлгөн: “Контрактты аткарууну кепилдик камсыз кылуу (ГОИК) накта акча түрүндө берилген учурда, берүүчү аларды мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эсебине которот”- деген талаптары аткарылбаган, тактап айтканда 196,2 миң сомдук кепилдик

суммасы (ГОИК3925,8*5%=196,2 миң сом) мекеменин депозиттик эсебине которулбаган.

**2).** Конкурс 240610449350213 конкурс 2024 -жылдын 14-июнунда өткөрүлгөн. Лот- “Көк-Бел айыл өкмөтүндөгү Көк-Бел Нуру мчбм 2024-жылдын январь, февраль, март айларына тамак-аш азыктарын сатып алуу” суммасы **259,8 миң сом**. Аудиттин жүрүшүндө аталган конкурс “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын бузуу менен өткөрүлгөндүгү аныкталган. Аудиттин жүрүшүндө аталган конкурс “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын бузуу менен өткөрүлгөндүгү аныкталган, атап айтканда: Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамынын 1-беренесинде көрсөтүлгөн: “***берүүчүлөргө (подрядчыларга) карата айкындык, ачыктык, мыйзамдуулук жана калыстык;- сатып алууларды ишке ашыруу процессинде берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) ортосунда катышууну кеңейтүү жана атаандаштыкты өнүктүрүү;- мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда берүүчүлөр (подрядчылар) үчүн тең жана адилет шарттарды түзүү***-деген принциптери жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамынын 14-беренесиндеги 2-1 пунктунда көрсөтүлгөн:- конкурстук документацияны иштеп чыгууда сатып алуучу уюм бир жолку сатып алынуучу көлөмдү, бир түрдүү (бир типтүү) товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) санын максималдуу атаандаштыкты камсыздоочу эки же андан ашык лотко бөлүнөт,-деген принциптери жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 2022-жылдын 17-майындагы №85-буйругу менен бекитилген “Электрондук сатып алууларды өткөрүү боюнча” Жобонун 49 пунктунда: *сатып алуулар бөлүмү* ***ар бир сатып алууларды кеңири техникалык мүнөздөмөлөрүн көрсөтүү менен өз-өзүнчө Лотторго бөлөт*** -деп көрсөтүлгөн талаптары бузулган. Анткени аталган конкурста кеминде ***Лот №1-*** **Сүт азыктары*****, Лот №2 –*** **кондитердик азыктар*****, Лот №3 -Эт азыктары, Лот № 4 -Мөмө жемиштер, Лот 5-картошкалар ж.б.тамак-аш азыктары*** баары бириктирилип бир Лот менен негизсиз өткөрүлгөн себебинен берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) ортосундагы атаандаштыкты төмөндөтүп, башка катышуучу «подрядчылардын» укугун чектеген.

4). Конкурс 240426440760723 конкурс 2024 -жылдын 06-майында өткөрүлгөн. Лот- Көк-Бел айылына электр мамыларын сатып алуу жана орнотуу, суммасы 1000,0 миң сом. Аудиттин жүрүшүндө аталган конкурс “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын бузуу менен өткөрүлгөндүгү аныкталган, атап айтканда: Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамынын 50-беренесинде көрсөтүлгөн: Контрактты аткарууну кепилдик камсыз кылуу (ГОИК) накта акча түрүндө берилген учурда, берүүчү аларды мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эсебине которот,-деген талаптары аткарылбаган тактап айтканда 49,8 миң сомдук кепилдик суммасы (ГОИК 997,5*5%=49,8 миң сом) мекеменин депозиттик эсебине которулбагандыгы аныкталган.

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын кыйгап өтүү менен каржылоолорго жол берилбесин. Мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге карата тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Ноокат районунун Көк-Бел айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **392,7 миң сомго** жогорулатылгандыгы

аныкталды **(классификатор боюнча коду 230207),** жумуштар аткарылып толугу менен калыбына келтирилди. Андан:

- «**Көк-Бел айылына Ак-Буура дарыясынан тартылып жаткан суу линиясын куруу иштери**» объектиси боюнча подрядчы "Казамбеков Магамед" жеке ишкери тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында жалпы **348,0 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, подряддык келишимдеги жумуштар толук аткарылбагандыгына карабастан, аткарылган ишти кабыл алуу актысында жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган.

-**"Көк-Бел айыл өкмөтүнүн Көк-Бел айылынын баш жагына 100м3 суу сактоочу кампа куруу"** объектиси боюнча подрядчы "СК Стимул" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында жалпы **44,7 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, подряддык келишимдеги 5мм,100м2 изоляциялоочу беттин эки катмарына асфальт мастикасы менен тик бетон бетинин гипс изоляциясы жумуштары толук аткарылбагандыгына карабастан, аткарылган ишти кабыл алуу актысында аткарылбаган жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган.

**Сунуштама 4.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**12. Кеңеш айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Абдылдаев А., ФЭБ башчысы Мадраимов А.)* аудит мамлекеттик инспектор Г.Батаева тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Эмгек келишими менен иштеген 5 жарандын эмгек акысынан социалдык фондго кармалуучу (10 %) **9,7** миң сом, **9,8** миң сом киреше салыгы жана жайыт жолдорун оңдоо үчүн эмгек келишимдин негизинде иштеген Тулянов Расулжанга төлөнгөн эмгек акыдан социалдык фондго кармалуучу (10 %) **2,7** мин сом сом жана **2,4** миң сом киреше салыгы, жалпы **24,6 миң сом** чегерилген эмес.

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын 24.01.2004-жылдагы №8 "Социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн тарифтери" жөнүндөгү Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптар сакталбаган. Каржы бузуулар толугу менен бюджетке калыбына келтирилди **(классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 1.** Эмгек келишими менен иштеген жумушчуларга эмгек акы эсептөөдө, КР Салык Кодексинин 185-беренесинин жана КР 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" мыйзамынын талаптарын бузуу менен, бюджетке кем эсептөөлөргө жол берген тийиштүү эсеп боюнча адистерге тартип чаралары белгиленсин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Инвентаризациянын жыйынтыгы менен, айыл өкмөттүн бухгалтердик балансына 2024-жылы "Рисерч Траэнгл Институт" эл аралык уюмунан айыл өкмөттүн китепканасына алынып келген **122,0 миң сомдук** негизги каражаттар кириштелбей калганы аныкталды. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" Жобонун

талаптарын бузууга жол берилген. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында негизги каражаттар айыл өкмөттүн балансына алынды **(классификатор боюнча коду 310104)**.

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобого ылайык, негизги каражаттарды өз убагында балансқа алуу жагы көзөмөлгө алынсын. Каржы бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" токтомунун негизинде Кеңеш айыл өкмөтүндө 13 муниципалдык кызматкер жумуштан бошотулган жана ар түрдүү мөөнөттө кайра жумушка дайындалышкан.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 86-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен 6 кызматкерге 3 айлык эмгек акы ченеминде **408,3 миң сом** иштен кетүү жөлөк пулу негизсиз төлөнүп берилгендиги аныкталды, анткени алар ошол эле күнү келишимдин негизинде жумушка кайра кабыл алынып иштей башташкан **(классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 3.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Ноокат районунун Кеңеш айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү жалпы **938,8 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды. Каржы бузуулардан 684,6 миң сом калыбына келтирилди, калдык сумма 254,2 миң сомду түзөт **(классификатор боюнча коду 230207).** Андан:

- **"Ноокат районунун Кеңеш айыл өкмөтүнүн Дары-Булак айылындагы Т.Сулайманов көчөсүн асфальттоо"** объектиси боюнча подрядчы "Сафари" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында **622,3 миң сомдук** подряддык келишимдеги жумуштар толук аткарылбагандыгына карабастан, аткарылган ишти кабыл алуу актысында аткарылбаган жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган. Жумуштар толугу менен аткарылды.
- **"Ноокат районунун Кеңеш айыл өкмөтүнүн Шанкол орто мектебинин отканасын капиталдык оңдоп-түзөөдөн (ремонт) өткөрүү"** объектиси боюнча подрядчы "Тургун Курулуш" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында **316,5 миң сомдук** подряддык келишимдеги жумуштар толук аткарылбагандыгына карабастан, аткарылган ишти кабыл алуу актысында аткарылбаган жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган. Бюджетке 62,3 миң сом кайтарылды.

**Сунуштама 4.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Подрядчы "Тургун Курулуш" ЖЧКсы тарабынан **254,2 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**Эскертүү:** Кеңеш айыл аймагынын **"Дары-Булак айылындагы Т.Сулайманов көчөсүн асфальттоо"** объектиси боюнча подрядчы "Сафари" ЖЧКсы тарабынан **622,3 миң сомдук жана "Шанкол орто мектебинин отканасын капиталдык оңдоп-түзөөдөн (ремонт) өткөрүү"** объектиси боюнча подрядчы "Тургун Курулуш" ЖЧКсы тарабынан **316,5 миң сомдук** аткарылбаган иштерге төлөм жүргүзүлгөндүгү тууралуу аудиттин материалдары, 08.10.2025-жылдагы №01-3/342 каттын негизинде укуктук баа берүү үчүн **Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ош шаары жана Ош областы боюнча башкы башкармалыгына** жөнөтүлдү.

**13. Кулатов айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Кааров Б., ФЭБ башчысы Рахманкулов Б.)* аудит мамлекеттик инспектор А.Матякубов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бепкитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталбаган, б.а. Жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин төрагасына күйүүчү майды сатып алуу үчүн жоопкерчиликке берилген **6,0 миң сом** акча каражатына азыркы учурга чейин авanстык отчет тапшарылбаган. Аудиттин жүрүшүндө бюджетке калыбына келтирилди **(классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 1.** Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүүдө мыйзам бузууларга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Т.Кулатов айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 26-февралындагы №01-12/20 буйругу менен комиссия курамы түзүлүп, айыл өкмөтүнүн балансындагы негизги каражаттарына, жабдууларга жана инвентарлардын сакталуусуна инвентаризация жүргүзүлүп, жыйынтыгында 2020-жылы башталып 2021-жылдын 6-июлунда пайдаланууга берилген Ынтымак айыл өкмөтүнө караштуу Ынтымак айылындагы "Ассанабил" кайрымдуулук фонду тарабынан каржыланган **11 875,5 миң сомдук** 2 кабаттуу оорукананын имараты ушул күнкө чейин айыл өкмөтүнүн балансына кириштелбегендиги аныкталды **(классификатор боюнча коду 310104)**.

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансалык отчетторду түзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузууга жол берилген. Аудиттин жүрүшүндө 11875,5 миң сомдук 2-кабаттуу оорукананын имараты балanска алынды.

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузуу менен Ынтымак айылындагы "Ассанабил" кайрымдуулук фонду тарабынан каржыланган **11 875,5 миң сомдук** 2 кабаттуу оорукананын имаратынын балanска алынбай калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.04.2022-жылдагы №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптарын бузууга жол берилген. Тактап айтканда, 2024–жылда 5151 литр 328,4 миң сомдук күйүүчү-майлоочу майлар кириштелип, 4490,4 литр 351,3 миң сомдук күйүүчү-майлоочу майлар чыгышталган. Жыйынтыгында (3600-4490,4) **890,4 литр 57,9 миң сомдук** күйүүчү-майлоочу майлар нормадан ашыкча сарпталган **(классификатор боюнча коду230305)**.

**Сунуштама 3.** Кызматтык автоунаага белгиленген нормадан ашыкча күйүүчү-майлоочу материалдарды сарптоого жол берген жоооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жапгы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" токтомунун негизинде Кулатов айыл өкмөтүндө 11 муниципалдык кызматкердин штаты кыскартылган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 86-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен 11 кызматкерге 3 айлык эмгек акы ченеминде **725,4 миң сом** иштен кетүү жөлөк пулу негизсиз төлөнүп берилгендиги аныкталды, анткени алар ошол эле күнү келишимдин негизинде жумушка кайра кабыл алынып иштей башташкан **(классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 4.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жоооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Ноокат районунун Кулатов айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү жалпы **158,8 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды **(классификатор боюнча коду 230207),** ордуна коюлган жок. Андан:

- **"Ноокат районунун Т.Кулатов айыл өкмөтүнүн Ынтымак айылындагы борбордук стадиондун аймагында кичи футбол аянтчасын куруу"** объектиси боюнча подрядчы "Рисма ЛТД" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында **12,0 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, подряддык келишимдеги курулуштагы м3 жыгач штангалардын алкак мүчөлөрүн орнотуу жумуштары толук аткарылбагандыгына карабастан, жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган.

- **"Ж.Боконбаев атындагы орто мектебине 12 очколуу туалет куруу"** объектиси боюнча подрядчы "СК Ак Ордо" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында жалпы **146,8 миң сомдук**

кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, подряддык келишимдеги жумуштары толук аткарылбагандыгына карабастан, аткарылган ишти кабыл алуу актысында аткарылбаган жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган.

**Сунуштама 5.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Аныкталган **158,8 миң сомдук** курулуш-куроо иштеринин наркын жана көлөмүн жогорулатуулар бюджетке калыбына келтирилсин, андан: **12,0 миң сом** "Рисма ЛТД" ЖЧКсы тарабынан жана **146,8 миң сом** "СК Ак Ордо" ЖЧКсы тарабынан.

**Эскертүү:** Т. Кулатов айыл аймагындагы **"Ж.Боконбаев атындагы орто мектебине 12 очколуу туалет куруу"** объектиси боюнча подрядчы "СК Ак Ордо" ЖЧКсы тарабынан курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **146,8 миң сомго** жогорулатылгандыгы боюнча аудиттин материалдары, 08.10.2025-жылдагы №01-3/342 каттын негизинде укуктук баа берүү үчүн **Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ош шаары жана Ош областы боюнча башкы башкармалыгына** жөнөтүлдү.

**14. "Т.Кулатов айыл аймагынын муниципалдык ишканасы" боюнча** *(Директору Турдубаев С., эсепчиси Туйгунов Б.)* аудит мамлекеттик инспектор А.Матякубов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** "Т.Кулатов айыл аймагынын муниципалдык ишканасы" тарабынан мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамына ылайык тендердик конкурстар өткөрүлбөгөн.

**Сунуштама 1.** Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда мыйзам талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**15. Н.Исанов айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Примкулов М., ФЭБ башчысы Ботобаев М.)* аудит мамлекеттик инспектор Э.Караев тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, айыл өкмөтүнүн 2024-жыл аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспекттеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**16. Кыргыз-Ата айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Ракишев М., ФЭБ башчысы Аманов К.*) аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгында "**Кыргыз-Ата айыл аймагына караштуу "Көтөрмө айылындагы Абдираим көчөсүнө асфальт басуу"** обьектиси боюнча «Спутник строй» ЖЧКсы аткарган курулуш иштеринен аныкталган жалпы **2025,2 миң** сомдук кошуп жазуулар азыркы мезгилге чейин калыбына келтирилбегендиги такталды *(укуктук баа берүү үчүн укук коргоо органдарына жиберилген)*.

**Сунуштама 1.** 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгында "**Кыргыз-Ата айыл аймагына караштуу "Көтөрмө айылындагы Абдираим көчөсүнө асфальт басуу"** обьектиси боюнча аныкталып ордуна коюлбаган **2025,2 миң сомдук**

курулуш-куроо иштериндеги кошуп жазууларды «Спутник строй» ЖЧКсы тарабынан калыбына келтирүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" токтомунун негизинде Кыргыз-Ата айыл өкмөтүндө 7 муниципалдык кызматкердин штаты кыскартылган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 86-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен 7 кызматкерге 3 айлык эмгек акы ченеминде **466,7 миң сом** иштен кетүү жөлөк пулу негизсиз төлөнүп берилгендиги аныкталды, анткени алар ошол эле күнү келишимдин негизинде жумушка кайра кабыл алынып иштей башташкан **(классификатор боюнча коду 230303).**

| № | Кызматкердин Ф.А.А | Мурдагы ээлеген кызматы | АТР дин негизинде бошотулган буйрук | Кайра контрактык негизде ишке алынган буйрук | Жаны ээлеген кызматы, келишим негизинде | АТР дин негизинде төлөнгөн 3 айлык компенсация суммасы (миң сом) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Азимкулов Баатыр | ВУС инспектору | 01.04.2024-жыл №18 | 01.04.2024-жыл №01-14/18 | ВУС инспектору | **85,2** |
| 2 | Аматова Заттар | Салыкчы | 01.04.2024-жыл №18 | 01.04.2024-жыл №01-14/18 | Салыкчы | **61,1** |
| 3 | Максытов Нуржан | Айыл башчы | 01.04.2024-жыл №18 | 01.04.2024-жыл №01-14/18 | Айыл башчы | **67,9** |
| 4 | Камбаров Заирбек | Айыл башчы | 01.04.2024-жыл №18 | 01.04.2024-жыл №01-14/18 | Айыл башчы | **70,1** |
| 5 | Матиев Орозали | Айыл башчы | 01.04.2024-жыл №18 | 01.04.2024-жыл №01-14/18 | Айыл башчы | **80,5** |
| 6 | Ташбаев Жоомарт | Айыл башчы | 01.04.2024-жыл №18 | 01.04.2024-жыл №01-14/18 | Айыл башчы | **53,1** |
| 7 | Рустам кызы Минуза | Салыкчы | 01.04.2024-жыл №18 | 01.04.2024-жыл №01-14/19 | Маданият кызматкери | **48,8** |
| | **жалпы** | | | | | **466,7** |

**Сунуштама 2.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруусунун тартиби жөнүндөгү» токтомунун 1-пунктунун талаптарын бузуу менен айыл өкмөт башчысынын командировкалык

чыгымдарына турак жайды ижаралоо боюнча акы төлөө үчүн **4,5 миң сом** ашыкча төлөнгөндүгү аныкталды. Ашыкча төлөнгөн каражаттар бюджетке калыбына келтирилди **(классификатор боюнча коду 410205)**.

**Сунуштама 3.** Командировкалык чыгымдарды төлөөдө, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруусунун тартиби жөнүндөгү» токтомунун талаптарын бузуу менен ашыкча төлөөлөргө жол берген кывзматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Табуу жана тыянак 4.** Көмүр боюнча 01.01.2024-жылга карата 1014,0 миң сомдук 244,4 тонна көмүр болгон, жыл ичинде 1410,8 миң сомдук 340,0 тонна көмүр кириштелген, жыл ичинде 1729,8 миң сомдук 415,3 тонна сарпталып, жыл аягына 695,0 миң сомдук 169,1 тонна көмүрдүн калдыгы калган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алуунун жургүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, айыл өкмөтүндө көмүр боюнча **118,4** миң сомдук **30,7** тонна көмүрдүн ашыкча запасы бар экендиги аныкталды **(классификатор боюнча коду 230306)**.

Формулага ылайык: 415,3 тонна/360*120=138,4 тонна, 169,1-138,4=**30,7** тонна
1729,8 м.с./360*120=576,6 м.с. 695,0-576,6=**118,4** м.с.

Эсепке алынып калыбына келтирилди.

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алуунун жургүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, көмүрдүн сарпталышы көзөмөлгө алынып, бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге карата чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Ноокат районунун Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында **"Кыргыз Ата аймагындагы Борко айылда жайгашкан Т.Атабаева атындагы көчөгө асфальт төшөө (стим грант)"** объектиси боюнча подрядчы "Спутник Строй" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү жалпы **748,0 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, подряддык келишимдеги жумуштар толук аткарылбагандыгына карабастан, аткарылган ишти кабыл алуу актысында аткарылбаган жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган. Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 230207).**

**Сунуштама 5.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Подрядчы "Спутник Строй" ЖЧКсы тарабынан аткарылбаган **489,9 миң сомдук** жумуштар толугу менен аткарылсын, ал эми **258,1 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**Эскертүү:** Кыргыз-Ата айыл аймагынын "**Борко айылында жайгашкан**

**Т.Атабаева атындагы көчөгө асфальт төшөө (стим грант)”** объектиси боюнча подрядчы “Спутник Строй” ЖЧКсы тарабынан курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **748,0 миң сомго** жогорулатылгандыгы боюнча аудиттин материалдары, 08.10.2025-жылдагы №01-3/342 каттын негизинде укуктук баа берүү үчүн **Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ош шаары жана Ош областы боюнча башкы башкармалыгына** жөнөтүлдү.

**17. “Кыргыз-Ата булагы” муниципалдык ишканасы боюнча** *(Директору Абдиваитов А., эсепчиси Бердибек кызы Ризван)* аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, муниципалдык ишкананын 2024-жыл аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспекттеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**18. Көк-Жар айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Шамуратов А., ФЭБ башчысы А.Турганбай уулу)* аудит мамлекеттик инспектор А.Исматиллаев тарабынан жүргүзүлдү):

**Аныкталды жана корутунду 1.** 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган жалпы **4356,3 миң** сомдук кошуп жазуулар азыркы мезгилге чейин калыбына келтирилбегендиги такталды (укуктук баа берүү үчүн 25.12.2024-жывлдагы №01-14/315 каттын негизинде Ош областынын прокуратурасына жиберилген).

**Сунуштама 1.** 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгында “**Кыргыз-Ата айыл аймагына караштуу “Көтөрмө айылындагы Абдираим көчөсүнө асфальт басуу”** обьектиси боюнча аныкталып ордуна коюлбаган **4356,3 миң** сомдук курулуш-куроо иштериндеги кошуп жазууларды «РАЯН-Ош ЛТД» *(1145,6 миң сом)* жана “СУС Строй” *(3210,7 миң сом)* жоопкерчилиги чектелген коомдор тарабынан калыбына келтирүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун негизинде Мирмахмудов айыл өкмөтүндө 7 муниципалдык кызматкердин штаты кыскартылган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 86-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен 7 кызматкерге 3 айлык эмгек акы ченеминде **447,1 миң сом** иштен кетүү жөлөк пулу негизсиз төлөнүп берилгендиги аныкталды, анткени алар ошол эле күнү келишимдин негизинде жумушка кайра кабыл алынып иштей баштакан **(классификатор боюнча коду 230303).**

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун негизинде жетекчинин буйругу менен жумуштан бошотулуп тийиштүү

жөлөкпулдарын алган 22 адамга, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрындагы №792 токтому менен бекитилген "Он үчүнчү эмгек акыны эсептөө тартибинин" талаптары бузулуп 116,8 миң сом он үчүнчү эмгек акы жана СФ 20,1 миң сом камсыздандыруу төлөмдөрү, жалпысынан **136,9 миң сом** ашыкча эсептелген **(классификатор боюнча коду 230303)**.

Көрүлгөн чаралардын натыйжасында калыбына келтирилүүгө тийиш болгон **92,3 миң сом** тиешелүү кызматкерлердин эмгек акысынан кармалып мекемеге калыбына келтирилди.

**Сунуштама 2.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Учурдагы чарбалык керектөөлөргө буюмдарды жана материалдарды алуу чыгымдарын эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун *(КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 10-июнундагы № 4-Б буйругунун редакциясына ылайык)* 6-главасынын "Финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптеринин" § 1. Негизги каражаттарды таануу тартиби тиби бузулуп *(127. Негизги каражаттар төмөндө саналган бардык шарттар аткарылганда актив катары таанылат: 3) негизги каражаттарды пайдалуу колдонуу мөөнөтү бир жылдан ашуун убакытты түзөт. Негизги каражаттарды пайдалуу колдонуу мөөнөтү – бюджеттик мекеме активди пайдаланган убакыттын мезгили болуп саналат)* 240 даана **223,1 миң сомдук** түнкү жарыктандыруу прожектору негизги каражаттар эсебине кириштелбестен иш жүзүндөгү анык чыгымдар эсебине туура эмес алып барылган **(классификатор боюнча коду 310104)**.

Көрүлгөн чаралардын натыйжасында бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилди.

**Сунуштама 3.** Негизги жана айланма каражаттарынын эсебин жүргүзүүдө жана сакталышын камсыз кылууда, Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" Жобонун талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**19. "Көк-Жар Тазалык" муниципалдык ишканасы боюнча** *(Жетекчиси А.Акматов.)* аудит мамлекеттик инспектор А.Исматиллаев тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, муниципалдык ишкананын 2024-жыл аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспекттеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**20. Т.Зулпуев айыл өкмөтү боюнча** *(Башчысы Тажибаев Д., ФЭБ башчысы Аблакимов)* аудит мамлекеттик инспектор А.Токоев тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында жергиликтүү жана башка

бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында “Т.Зулпуев атындагы айыл аймагына караштуу Кашкалдак жана Айбек айылдарынын көчөлөрүнө тротуар куруу” обьектиси боюнча «Спутник Строй» ЖЧКсы аткарган курулуш иштеринен аныкталган **999,5 миң сомдук** кошуп жазуулар азыркы мезгилге чейин калыбына келтирилбегендиги такталды.

**Сунуштама 1. 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына** чейинки мезгил аралыгында жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталып, азыркы мезгилге аткарылбаган **999,5 миң сомдук** курулуш иштеринин «Спутник Строй» ЖЧКсы тарабынан аткарылышы боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Аудит мезгилинде, жылдык отчет форма № 1 “Баланс” отчетунун 3-тиркемесинде чагылдырылган маалыматка ылайык, 2024-жылдын аягына карата сатып алынган отун каражаттарын пайдаланууда, нормадан ашыкча запастарын эсепке алуу (зачетко) жүргүзүлбөй келген. Натыйжада, 2024-жылдын аягына карата сатып алынган отун каражаттарын (көмүр) пайдаланууда, жылдын башына 1721,7 миң сомдук отун запастарынан калдык болгон, жыл ичинде 3672,3 миң сомдук көмүр сатып алынып кампага кириштелген, жыл ичинде 3434,0 миң сомдук көмүр сарпталган, жылдын аягына 1959,9 миң сомдук отун каражаттарынан калдык калган, жыйынтыгында **815,2 миң сомдук** нормадан ашыкча запастарын эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес (3434029/360*120=1144676; 1959913-1144676=815237 сом). Каржы бузуулар калыбына келтирилген жок **(классификатор боюнча коду 230306).**

**Сунуштама 2.** Нормадан ашыкча запастарын эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген «Бюджеттин эсебинен каржыланган ишканалардагы нормадан ашкан запастар менен ТМБ зачеттон өткөрүү боюнча» Жобонун талаптарын бузууга жол берген жоптуу кызматкерге карата тийийштүү чаралар көрүлсүн.

Аудит учурунда көмүр боюнча аныкталган **815,2 миң сомдук** нормадан ашыкча запастарын эсепке алуу (зачетко) боюнча иш чаралар жүргүзүлүп калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун негизинде Т. Зулпиев айыл өкмөтүндө 14 кызматкер жумуштан бошотулган жана ар түрдүү мөөнөттө кайра жумушка дайындалышкан.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 86-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен 7 кызматкерге 3 айлык эмгек акы ченеминде **464,2 миң сом** иштен кетүү жөлөк пулу негизсиз төлөнүп берилгендиги аныкталды, анткени алар ошол эле күнү келишимдин негизинде жумушка кайра кабыл алынып иштей башташкан **(классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 3.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик

жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Мамлекеттик сатып алуулардын тууралыгына аудит жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин 4-пунктунун талаптары толук түрдө сакталбастан мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлгөндүгү аныкталды. Атап айтканда, тамак-аш азыктарын сатып алууда, талаптар түшүнүктүү жана толук, тамак-аш азыктардын сапатына жана башка көрсөткүчтөрүнө карата талаптардын так жана бирдей мааниде баяндалышын камсыз кылуу керек болчу. Бирок, тамак-аш азыктарынын мүнөздөмөсү *(абалы, көлөмү, сапаты ж.б.көрсөткүчтөрү)* толук түрдө баяндалбастан мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлүп келген.

**Сунуштама 4.** Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын толук сактабастан, б.а. сатып алынуучу товарлардын мүнөздөмөсү: абалы, көлөмү, сапаты ж.б. критерийлери толук баяндалбастан сатып алууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**21. "Кыркол таза суу" муниципалдык ишканасы боюнча** *(Жетекчиси Юсупов Т., эсепчиси Орозматов М.)* аудит мамлекеттик инспектор А.Токоев тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Аудиттин жүрүшүндө, "Кыркол таза суу" муниципалдык ишканасынын кызматкерлерине жыл ичинде 355,3 миң сом эмгек акы төлөнгөн, эсептелген эмгек акыларынан **31,5** миң сом киреше салыгы жана **35,5** миң сом социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү мамлекеттик салык кызматына жана Социалдык Фондго чегерилбей келген. Ошондой эле, 2024-жыл ичинде "Кыркол таза суу" муниципалдык ишканасынын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жалпысы болуп 427,0 миң сом көрсөтүлгөн кызматтарына төлөм катары б.а. киреше чогултулган. Аталган кирешеге сатуудан алынуучу салык (налог с продаж - 3%) катары мамлекеттик салык кызматына аталган салыктын түрү боюнча **12,8** миң сом эсептелген эмес. Каржы бузуулар калыбына келтирилген жок **(классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 1.** Киреше салыгын жана "Сатуудан алынуучу салыкты" эсептөө жана чегерүүдө, Кыргыз Республикасынын "Салык Кодексинин" талаптарына, ал эми социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы № 8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын жана КР нын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Аудит учурунда аныкталган **31,5 миң сом** киреше салыгы, ошондой эле **35,5 миң сом** социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү жана **12,8 миң сом** "Сатуудан алынуучу салык" өндүрүлүп, тиешелүү бюджетке калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Муниципалдык ишкананын бухгалтердик эсеп-учетун жүргүзүүдө тиешелүү айланма китеп, журналдары ачылган эмес жана баштапкы бухгалтердик документтер толук тиркелбеген. Бухгалтердик эсеп жана отчёттору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы № 231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик

учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Нускаманын талаптарына ылайык жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама 2.** Муниципалдык ишкананын бухгалтердик эсеп-учетун жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы № 231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**22. Ноокат шаардык мэриясы боюнча** *(Мэрдин милдетин аткаруучу Данияр уулу Мансур., ФЭБ башчынын милдетин аткаруучу А.Ташбалтаев.)* аудит мамлекеттик инспекторлор М.Маманов жана К.Исаков тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Аудит учурунда «Нурс Капитал» жоопкерчилиги чектелген коому Ноокат шаардык мэриясы менен 2024-жылдын 30-июлундагы №70 түзүлгөн келишимдин негизинде М.К Крупская мектебине **746,2** миң сомго **260,0** тонна көмүр (БСШ) алып келип берген, бирок алып келинген көмүрдүн ичинен **15,0** тонна **43,0 миң сомдук** көмүр сапатсыз келгендиги аныкталды **(классификатор боюнча коду 310201)**.

Көрүлгөн чаралардын негизинде «Нурс Капитал» ЖЧКсы тарабынан М.К.Крупская мектебине **43,0 миң сомдук** 15,0 тонна көмүр ордуна коюлду.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талабы сакталып, көмүр сатып алууда конкурстук документтерде белгиленген сапатка шайкеш келбеген сапатсыз көмүр алууга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Аудиттин жүрүшүндө, Ноокат шаарынын мэриясы тарабынан жеке ишкер М. Ишматов менен тамак-аш азыктарын алуу үчүн 1164,5 миң сомго 2024-жылдын 23-апрелинде №23, 461,6 миң сомго 2024-жылдын 12-апрелиндеги №20, 374,4 миң сомго 2024-жылдын 12-октябрында №98, 1212,6 миң сомго 2024-жылдын 22-декабрындагы № 99 келишимдери түзүлүп, 2024-жыл аралыгында жеке ишкер тарабынан **2470,8** миң сомдук тамак-аш азыктары жеткирилген, ал эми Ноокат шаарынын мэриясы **3106,3** миң сом которуп берген. Бирок, 2024-жылдын баланстык отчетунун дебитордук жана кредитордук карызы боюнча маалымат №6 тиркемесинде, жеке ишкер М. Ишматовдун **635,5 миң сом** дебитордук карызы көрсөтүлбөй эсептен жашырууга жол берилгендиги аныкталды **(классификатор боюнча коду 410215)**.

Аудит учурунда Ноокат шаарынын мэриясы менен жеке ишкер М. Ишматов ортосунда эсептешүү актысы түзүлүп, **635,5** миң сом дебитордук карыз катары эсепке алынды.

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансалык отчетторду түзүү” Жобосунун талабын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Ноокат шаардык мэриясынын жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында **«Ноокат шаарынын мэриясынын административдик имаратын оңдоо»** объектиси боюнча подрядчы

“СК Биримдик” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **7,7 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, подряддык келишимдеги жумуштар толук аткарылбагандыгына карабастан, аткарылган ишти кабыл алуу актысында көрсөтүлгөн жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган. Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 230207).**

**Сунуштама 3.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берилбесин.

Подрядчы “СК Биримдик” ЖЧКсы тарабынан аткарылбаган **7,7 миң сомдук** жумуштар толугу менен аткарылсын.

**23. Ноокат шаардык мэриясынын алдындагы “Муниципалдык менчик департаменти” боюнча** *(Директору Сулайман уулу С., эсепчи Калбекова Д.С.)* аудит мамлекеттик инспекторлор М.Маманов жана К.Исаков тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1. 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки** мезгил аралыгында жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган 168,6 миң сомдук кошуп жазуулардан **147,6 миң сому** азыркы мезгилге чейин калыбына келтирилбегендиги такталды. Андан:

- “Ноокат шаарындагы “Аэропорт, Хамза, С.Рахимова, Х.Алимжан жана Зульфия көчөлөрүнө таза суу түтүгүн тартуу” обьектиси боюнча аныкталган **33,8 миң сом** подрядчы “Шаңкол-Курулуш” ЖЧКсы тарабынан 2024-жылы аткарылган иштеринин актысынан кыскартылбаган жана салыштыруу актысы түзүлбөгөн;
- “Кара-Турпак көчөсүнө асфальт басуу” жана “Н.Крупская көчөсүнө асфальт басуу” обьектилери боюнча аныкталган **113,8 миң сом** “Подрядчы” “Интергельпо” ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылбаган.

**Сунуштама 1. 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки** мезгил аралыгында жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталып калыбына келтирилбеген 147,6 миң сомдук кошуп жазууларды калыбына келтирүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн. Каржы бузууларды калыбына келтирүү жана жоюу боюнча тиешелүү чараларды көрбөгөн жоопту кызматкерге карата мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосуна ылайык, Ноокат шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин 2025-жылдын 10-мартындагы №2-01-6/10 буйругу менен комиссия курамы түзүлүп, Ноокат шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин балансындагы негизги каражаттарына, жабдууларга жана инвентарлардын сакталуусуна инвентаризация өткөрүлүп, бухгалтердик эсеп боюнча салыштырма ведомосту түзүлүп, анын натыйжасында Ноокат шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин карамагындагы муниципалдык мүлктөрдөн, материалдык, акчалай жана эсептик активдерден **93 221,0 миң сомдук** кириштелүүгө жаткан мүлктөр баланска кириштелбегендиги аныкталды **(классификатор боюнча коду 310104)**.

Ноокат шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин 2025-жылдын 10-мартындагы №2-01-6/10 буйругуна ылайык, аудит учурунда мекеменин балансына 93 221,0 миң сомдук муниципалдык мүлктөр мекемеде түзүлгөн комиссия курамы менен жалданма баалоочунун баалосунун негизинде аныкталган мүлктөр кириштелип ордуна коюлду.

**Сунуштама 2.** Мүлктөрдүн, материалдык, акчалай жана эсептик активдердин эсебин жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү" Жобосунун талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Ноокат шаардык мэриясынын алдындагы Муниципалдык менчик мекемесинин жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында **«Ноокат шаарындагы Кулатов атындагы көчөсүндөгү «Маруфон-Тура» аймагын көрктөндүрүү"** объектиси боюнча подрядчы "Аруу-Нур Групп" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **25,2 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, подряддык келишимдеги жумуштар толук аткарылбагандыгына карабастан, аткарылган ишти кабыл алуу актысында көрсөтүлгөн жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган. Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 230207).**

**Сунуштама 3.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берилбесин.

Аныкталган **25,2 миң сомдук** курулуш-куроо иштеринин наркын жана көлөмүн жогорулатуулар "Аруу-Нур Групп" ЖЧКсы тарабынан бюджетке калыбына келтирилсин.

**24. "Ноокат Тазалык" муниципалдык ишканасы боюнча** *(Директору А.Эгембердиев., башкы эсепчиси Э.Ахмедова.)* аудит мамлекеттик инспекторлор М.Маманов жана К.Исаков тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Аудит камтылган мезгил аралыгында "Ноокат Тазалык" муниципалдык ишканасынын 01.01.2024-жылга карата дебитордук карызы 1114,4 миң сомду түзгөн, жыл ичинде таштанды чыгаруу үчүн эсептелген төлөмү 9622,3 миң сомду түзүп, жыйналганы 10657,5 миң сомду түзгөн, 31.12.2024-жылга карата өндүрүлбөгөн карыздар 224,1 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама 1.** Ноокат шаардык Кеңешинин 27.01.2023-жылдыгы №9 токтомунун жана мекеме ишканалар менен түзүлгөн келишимдердин талаптарын бузууга жол берилбесин, муниципалдык ишканасы тарабынан таштандыларды жыйноо боюнча муниципалдык кызмат көрсөтүлүп өндүрүлбөй калган караздарды өз мөөнөтүндө өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Аудит камтылган мезгил аралыгында "Ноокат Тазалык" муниципалдык ишканасы тарабынан күйүүчү-майлоочу майды чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги №76 "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы №231 токтому менен бекитилген "КРда ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана

финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө" Нускамасынын талаптарын бузууга жол берилген. Тактап айтканда, жол барактары толтурулбаган жана эсептен чыгаруу актысы түзүлбөгөн.

**Сунуштама 2.** Күйүүчү-майлоочу майды чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги № 76 "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы №231 токтому менен бекитилген "КРда ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө" Нускаманын талаптарына ылайык, жол барактары толтурулуп, эсептен чыгыруу актысы түзүлүп чыгымдалсын.

**25. "Ноокат-Суу-канал" муниципалдык ишканасы боюнча** *(Жетекчиси З.Камалов., эсепчиси Т.Калыкулов.)* аудит мамлекеттик инспекторлор М.Маманов жана К.Исаков тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, муниципалдык ишкананын 2024-жыл аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспекттеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**26. "Ноокат жылуулук камсыздоо" муниципалдык ишканасы боюнча** *(Директору Айткулов А.Э., эсепчиси Артикбаев З.Н.)* аудит мамлекеттик инспекторлор М.Маманов жана К.Исаков тарабынан жүргүзүлдү):

**Аныкталды жана корутунду 1.** 2024-жылга карата айлык маяналарды эсептөөдө, кармалуучу **152,6** миң сом киреше салыгы жана **480,2** миң сом мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү, жалпысынан **632,8 миң сом** чегерилбей калгандыгы аныкталды **(классификатор боюнча коду 210305).**

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын 24.01.2004-жылдагы №8 "Социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн тарифтери" жөнүндөгү Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарды бузууга жол берилген. Аудиттин жүрүшүндө бюджетке калыбына келтирилди.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын 24.01.2004-жылдагы №8 "Социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин талаптарын бузууга жол берген жоопту кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Ноокат жылуулук муниципалдык ишканасынын Ноокат РЭТ ишканасы менен эсептешүүсүндө, счет-фактураларга ылайык 2016-2024-жылдар аралыгында **666,7 миң сом** туум пайда болгондугу аныкталды **(классификатор боюнча коду 230305).**

**Сунуштама 2.** Ноокат жылуулук муниципалдык ишканасынын электр энергиясына болгон керектөөнүн ченемдерин тактоо жана ар жылга электр жана жылуулук энергияларынын керектелүүчү өлчөмдөрүн так эсептөө менен керектөө ченемдери белгиленсин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №576 "Электр энергиясын пайдалануу эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарынын сакталуусу көзөмөлгө алынып, ири өлчөмдө бюджеттик жоготууларга жол берген жоопту кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**СУНУШ:**

**1.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, бюджеттик мекеме уюмдарында жана муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы жергиликтүү Кенештердин катышуусунда талкуулансын. Каржы бузууларга жол берген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына, финансы-экономика бөлүмүнүн башчыларына, муниципалдык ишканаларынын жетекчилерине жана башкы эсепчилерине тартип жоопкерчилигин берүү жана тиешелүү чараларды көрүү жагы каралсын. Ошондой эле, аныкталган каржы бузууларды калыбына келтирүү жана мындан ары жол бербөө боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**2. Ноокат районунун жергиликтүү өз алдынча органдарынын 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата** бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгында Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинде, Зулпуев жана А.Мирмахмудов айыл өкмөттөрүндө аныкталган каржы бузууларды толук калыбына келтирүү боюнча тиешелүү чараларды көрбөгөн жооптуу кызматкерлерге карата мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**3. Ноокат районунун** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын **2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына** чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгында аныкталып, бирок калыбына келтирилбеген каржы бузууларды калыбына келтирүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн:

**3.1. “Мирмахмудов” айыл өкмөтү боюнча**:

**- 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына жүргүзүлгөн мурдагы шайкештик аудиттин** жыйынтыгында аныкталган каржы бузуу, б.а. А.Ашиеванын жеке эсеп счетуна негизсиз которулуп берилген **25,0 миң сом** акча каражатын бюджетке кайтаруу боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн;

- **1352,0 миң сомдук** негизги каражаттар айыл өкмөттүн балансына алынсын;

- “Арал ЛТД” ЖЧКсы тарабынан 536,8 миң сом жер салыгы жана 344,0 миң сом ижара акы төлөмдөрү, жалпы **880,8 миң сом** бюджетке калыбына келтирилсин;

- кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысынан калган **591,8 миң сом** акча каражаты тиешелүү ижарачылардын эсебинен бюджетке калыбына келтирилсин.

**3.2. Жаңы-Ноокат айыл өкмөтү боюнча** ижара акыдан **462,7 миң сом** карыз суммаларына ижарачылардан келишимде көрсөтүлгөн туум (пеня) эсептелип, тиешелүү бюджетке өндүрүлсүн.

**3.3. Бел айыл өкмөтү боюнча**:

- Бел айыл өмөтүнө караштуу мектептердеги китеп фондунун **356,6 миң сомдук** китептери Бел айыл өкмөтүнүн балансына алынсын;

- Подрядчы “Ата Строй Групп” ЖЧКсы тарабынан аткарылбаган **192,6 миң сомдук** жумуштар толугу менен аткарылсын.

**3.4. Бел айыл өкмөтү алдындагы “Бел” муниципалдык ишканасы боюнча** **11,2** миң сом киреше салыгы жана **34,7** миң сом Соцфонд төгүмдөрү, жалпы **45,9 миң сом** тийиштүү бюджетке которулсун.

**3.5. Төөлөс айыл өкмөтү боюнча:**

- айыл өкмөттүн финансы-экономика бөлүмү тарабынан райондук билим берүү бөлүмүнөн 2024-жылда түшпөй калган **755,3 миң сом** киреше салыгын жергиликтүү бюджетке түшүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлүп, айыл өкмөттүн кирешесине чегерилсин.

- “Төөлөс тазалык» муниципалдык ишканасынын кызматкерлерине эмгек акыларды эсептөөдө чегерилбей калган **25,4 миң сом** киреше салыгы жана **81,8 миң сом** Соцфондго чегерүүлөр тиешелүү бюджетке которулсун.

- **62,3 миң сомдук** курулуш-куроо иштеринин наркын жана көлөмүн жогорулатуулар “Ата Строй Групп” ЖЧКсы тарабынан бюджетке калыбына келтирилсин.

**3.6. Кенеш айыл өкмөтү боюнча** Подрядчы “Тургун Курулуш” ЖЧКсы тарабынан **254,2 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**3.7. Кулатов айыл өкмөтү боюнча 158,8 миң сомдук** курулуш-куроо иштеринин наркын жана көлөмүн жогорулатуулар бюджетке калыбына келтирилсин, андан: **12,0 миң сом** “Рисма ЛТД” ЖЧКсы тарабынан жана **146,8 миң сом** “СК Ак Ордо” ЖЧКсы тарабынан.

**3.8. Кыргыз-Ата айыл өкмөтү боюнча:**

- 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгында “**Кыргыз-Ата айыл аймагына караштуу “Көтөрмө айылындагы Абдираим көчөсүнө асфальт басуу”** обьектиси боюнча аныкталып ордуна коюлбаган **2025,2 миң** сомдук курулуш-куроо иштериндеги кошуп жазууларды «Спутник строй» ЖЧКсы тарабынан өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн;

- подрядчы “Спутник Строй” ЖЧКсы тарабынан аткарылбаган **489,9 миң сомдук** жумуштар толугу менен аткарылсын, ал эми **258,1 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**3.9. Зулпуев айыл өкмөтү боюнча:**

- **2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына** чейинки мезгил аралыгында жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык ондоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталып, азыркы мезгилге аткарылбаган **999,5 миң сомдук** курулуш иштеринин «Спутник Строй» ЖЧКсы тарабынан аткарылышы боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн;

- **2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына** чейинки мезгил аралыгына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында көмүр боюнча аныкталган **815,2 миң сомдук** нормадан ашыкча запастарын эсепке алуу (зачетко) боюнча иш чаралар жүргүзүлүп калыбына келтирилсин.

**3.10. Көк-Жар айыл өкмөтү боюнча** 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгында “**Кыргыз-Ата айыл аймагына караштуу “Көтөрмө айылындагы Абдираим көчөсүнө асфальт басуу”** обьектиси боюнча аныкталып ордуна коюлбаган **4356,3 миң** сомдук курулуш-куроо иштериндеги кошуп жазууларды «РАЯН-Ош ЛТД» *(1145,6 миң сом)* жана “СУС Строй” *(3210,7 миң сом)* жоопкерчилиги чектелген коомдор тарабынан калыбына келтирүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**3.11. “Кыркол таза суу” муниципалдык ишканасы боюнча** аныкталган **31,5 миң сом** киреше салыгы, ошондой эле **35,5 миң сом** социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү жана **12,8 миң сом** “Сатуудан алынуучу салык” өндүрүлүп, тиешелүү бюджетке калыбына келтирилсин.

**3.12. Ноокат шаардык мэриясы боюнча** Подрядчы “СК Биримдик” ЖЧКсы тарабынан аткарылбаган **7,7 миң сомдук** жумуштар толугу менен аткарылсын.

**3.13. Ноокат шаардык мэриясынын алдындагы “Муниципалдык менчик департаменти” боюнча:**

- **2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки** мезгил аралыгында жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталып калыбына келтирилбеген **147,6 миң сомдук** кошуп жазууларды калыбына келтирүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

- **2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки** мезгил аралыгында жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **25,2 миң сомдук** курулуш-куроо иштеринин наркын жана көлөмүн жогорулатуулар “Аруу-Нур Групп” ЖЧКсы тарабынан бюджетке калыбына келтирилсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош,**
**Жалал-Абад жана Баткен областтары**
**боюнча аймактык бөлүмүнүн**
**мамлекеттик инспектору** **К.Рахманов**

**Курулуш боюнча мамлекеттик инспектор** **С. Токушов**